Скырг
М38

Бактыгүл Машаева

# САЯПКЕР



УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5
М 38

**Машаева Б.**
М 38 **Саякер.** *Ырлар.* – Б.: «Улуу Тоолор», 2024. – 168 б.

ISBN 978-9967-29-685-5

Автордун алгачкы китебинде Мекенине, эли-журтуна болгон сүйүүсү менен биргеликте сыймыктануу, суктануу, даңазалоо ырларына көп көңүл бурган. Ошондой эле, ата-эне, бир туугандык баалуулуктарга, арзуу ырларына басым жасап кеткен.

Китеп баардык окурмандарга арналат.

УДК 821.512.154-1
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-29-685-5

© Машаева Б., 2024.

# ЖАШОО АГЫМДАРЫ



## САЯПКЕР БОЛГОН ЧОҢ ЭНЕМ

Чоң атам болгон экен чоң саяпкер,
Бул ырымда бир сыр бар мен билдирээр.
Жылкы таптап-таптуу чыгып жаныбар,
Күлүктөрүн татыктууга мингизээр.

Жарыштарда алга чуркап жаныбар,
Тукум улоо жактан тулпар каны бар.
Тарап, сылап, кези келсе жуунтуп,
Жемдеп багып, кээде асуу жагы бар.

Билүү үчүн атты сынап чабаарда,
Тердегенче тын алдырбай чабаарда.
Түшө калып, ат шыйрагын сыйпалап,
Тер куюлса , жетилгени баамдарга

Ат асылын тандап кулун кезинен,
Далдоо кармап, оолактатып тезинен.
Камкордукту мына ошондон башталчу,
Жетилгенче, аярлашып белинен.

Чоң атамдын багуучусу чоң энем,
Кароо жактан энеме тең келбеген.
Баккан аты сулууланып, кулпуруп,
Туйлагандан жарышууну эңсеген.

Эркек эмес, зайып баккан ат күлүк,
Бул жаныбар ыйыктардан бир түлүк.
Назиктиги, өзүнө алаар жагы бар,
Кези келсе көтөрө албас бир күндүк.

Ата каргыш октой күчтүү дегендей,
Эркектерден назар өтөт кейиштей.
«Жетилиптир», «жеңип чыгат», «күчтө экен»,
Мактоо сөздөр найзадан да курч экен.

Ошондуктан саяпкерлик өнөрдү,
Ишенимден чоң энеме өткөрдү.
Бардыгынын келе бербейт колунан,
Парзды бийик кармаганы жолунан.

Чоң энемдин чоң сырынан бир маалым,
Ала турган сапаттары көп таалым.
Жаза берсем барктагандар билишээр,
Кызыкканга менден болсун бир салым.

## АРДАКТУУ АБЖЕМ АБИЙБА

Ардактуудан - айтылуу абжем Абийба,
Бир толкунуп, бел байладым жазууга.
Баскан жолу өткөндөрдүн таберик,
Билишкен оң, баасыз бизге табылга.

Аялзатка таандык аруулук бар,
Тоскоолдукту тоготпогон каруулук бар.
Асылзаада айымдарга тиешелүү,
Боорукерлик, мээримдүүлүк, сулуулук бар.

Тууганчылдык - пир тутуп тууганлыкты,
Ыйбаа менен билдирген сыпаалыкты.
Кыз - келинге үлгүлүү жактары көп,
Тарбиялап үйрөтүүчү тазалыкты.

Эжебизге сиңдилери сыймыктанган,
Тамырынан көгөрүп кулач жайган.
Керилип басса күүлөп чачпагы да,
«Мен» дегенсип каратып шыңгыр чалган.

Тун кызы эле чоң атамдын, энекемдин,
Кошкон жары аздектеген жездекемдин.
Төрөдөй кыз төркүнүндө билгиликтүү,
Кайын журтта кадыры күч, сөзү өтүмдүү .

Келин болгон Сары уулудан Биймырзага,
Өргөөсүнөн орун алып бир мырзага.

Алганбыз Чоң энемдин тарбиясын,
Нарк - насилди ала жүрмөй салтыбызда.

Айта кетсем турмуш жолун эжекемдин,
Көп барчумун анда мен да секелекмин.
Кошо чыгып жайлоого атка учкашып,
Камкордугу көргөмүн жездекемдин.

Чыгышчу кооз жайлоого - аты Жүлгүр,
Жайытка кенен болгон төрт түлүктүн.
Алчалуу токой ичин аралаган,
Жайылып малдар жүрчү күн дагы түн.

Ал кездеги аткарылган милдеттеме,
Алып келген абройду эжекеме.
Алып кетчү чогултушуп унааларда,
Тапшырышчу сүттү ашыра саанчылар да.

Сыйлык алып ээлеп ардак тактаны,
Көкүрөктө «төш белгилер» такканы.
Тельман аттуу колхозунда депутат,
Көрсөтүлгөн иштин чыгып майнабы.

Үйдө толо ашып - ташып береке,
Мейман келчү ,чатыр толуп кишиге.
Май көл, сүт көл дөөлөт баккан эжемдин,
Жаш кези эле жоолук байлап чекеге.

Кишиликтүү, токтоо жүргөн жездекем,
Улак чабыш, кызыгуусу билгенден.
Камкордугу үй-бүлөөгө, тууганга,
Себеп болгон куттуу үйдү курганга.

Бир окуя айтып өтсөм тагдыр жолдон,
Үч перзенти катар «учуп» токтобогон.
Чоң атама туура келген ырымдоого,
Улак союп, үйдүн ичи мейман толгон.

Ал ырымдын аты болгон «акыйка»,
Садага чаап, курмандыкты улакка.
Бышырган соң тиш тийгизбей сөөгүнөн,
Ажыратып элге берген татууга.

Чогултулган сөөгүн ороп актыкка,
Мазарга көөмп, тууралашкан ырымга.
Тукум улоо жагын тилеп «тоббо» деп,
Куран окуп өткөн ата-бабага.

Ошол болду, ошол «ырым» токтотуп,
Балканактай уул болду көргөнү.
«Турсун» дешип Тургунаалы аташып ,
Ат коюшту болжогондой төлгөнү.

Үйү толду бабырашып балдарга,
Уул-кыздары чоңоюшту катарда.
Неберенин кызыктырып кызыгы,
Үй-бүлөөсү айланышты базарга.

Элдин жүгүн аркалашкан уулдарды,
Жетилтишти керилишкен кыздарды.
Энесине карай өсөт дешчү эле,
Жолун улаар ар тараптуу уздарды.

## КАРА-КУЛЖАМ

Кара-Кулжам ыйык мекен,
Улуулугун айтып келем.
Ак чокулуу Ала-Тоомо,
Зоболонду теңештирем.

Кара-Кулжа, Тар дарыя,
Суусу дары булактарда.
Бийиктерде кийик, кулжа,
Бүркүт шаңшыйт кырларында.

Куту түшкөн Эр Манастын,
Туу тутушкан улут баркын.
Бийик коюп ар-намысын,
Кармап келген ата салтын.

Тастыкталган тарыхы мол,
Кербендер жүргөн Жибек Жол.
Ынтымакты бекем кармап,
Элибиздин кайраты зор.

Кайырма:

Кара-Кулжам, Кара-Кулжам,
Сыймыктанып обон салам.
Кыргыз атын улук туткан,
Улуу адамдар сенден чыккан.

## АТАЛАРДЫН БАТАСЫ

«Атаңдан бота калбай, бата калсын»,
Аргаң жок, улуу сөзгө тан албашың.
Айтылган алдыңкыдан маанилүү кеп,
Эш тута бил, аныгы арт калбасың.

«Ата ыраазы, Алла ыраазы»- бул керемет,
Аалам да накыл сөзгө бир термелет.
Уңгусун талдап көрсөң учугу кең,
Перзент үчүн артылган күчтүү милдет.

«Өрүшүң кенен, ырыскың белен,
Болсун»- деп бата берет уулга терең.
Өйдө - төмөн турмуштун ойдуңу көп,
Тилегени, кебелбей жеңсе деген.

«Жакшыга жанаш, жамандан адаш»,
Бул сөздү керек экен терең талдаш.
Турмуш өзү берүүчү үлкөн сабак,
Баглыктыр өзүбүзгө жолду тандаш.

Ак батасын берип келет аксакал,
Ар бир сөздө тарбиялуу зор макал.
Өмүр тилеп сабыр - саадат тилеген.
Бак ыроолоп, жашоосунда ирденген .

Эр жигитке айтылуучу өзгөчө,
Түйүү үчүн көкүрөккө көрөңгө.
« Эл уулу бол»- эмне деген жүк турат,
Жөнөкөйдөн милдеттирген төбөлгө.

Ак батанын айта берсе түрү көп,
Ар бир тойго ылайыктуу айткан төп.
Уйкаштырып, сөз атасын баалаган,
Аталарым насаат айта улайт көч.



## АЛЫМБЕК ДАТКА ТУУРАЛУУ

*Сүйүнбек Касманбетов агайдын «Нарк куржунуна» карай.*

Кыргыз деп күйөөр «иш менен»,
Даткадай уулдар чыкса экен.
Суу жүгүрүп өзөккө,
Тамырга кайра кайтса экен.

Калтырган улуу сабакты,
Кайталангыс санатты.
Уламдан жаңы ачылыш,
Тарыхтан жаңы баракты.

Көп чыккан элден Даткадай,
Кыргызга намыс арткыдай.
Тең ата сүйлөп жол тапкан,
Тең келбес баатыр баркындай.

Кыргызды кыргыз үгүттөп,
Каңырык турат дүр түтөп.
Нарк насилин тангандар,
Ата жото чангандар.

Арбактары күйбөйбү,
Жаратканга түркөйдү.
Чын болсо эгер оо дүйнө,
Алоолорго сүңгбөйбү.

Ар бир кыргыз даңктайлы,
Айтпасак башка барктайбы.
Өз тегине татыксыз,
Чыккынчылар сатпайбы?!

Ала-Тоо жоктур мекендей,
Төбөсү көккө жеткидей.
Аман бол элим, аман бол,
Тең келген зоого бийиктей.

## АСМАН ЖЕРДИН АРАЛЫГЫ БИР КАДАМ

Эшик түрүп, баш бакканда ичине,
Бул бир укмуш, көз сүйүнөт тимеле.
Аттаар замат көкмөк асман төбөдөн,
Күткөн өңдүү нурун төгүп кишиге.

Түн киргенде миң сан жылдыз шыкаалап,
Түндүгүмдөн карыш жылбайт ыраактап.
Асман жерди бириктирген коломто,
Көккө карай жакындайсың бир аттап.

Бул бир аалам боз үйүмдүн курамы,
Кыргыз өсүп , өнүп келген турагы.
Сакталганы баасыз биздин маданият,
Кыргыз болуп, көз ачкандан быягы.

Үлкөн тарых, ата - бабам калтырган,
Чоң дүбүрттүү кылым минип чаптырган.
Мындан ары кете берет ченемсиз,
Улуу журттун келечеги камтылган.

## БОЗ ҮЙДҮН КАСИЕТИ

Бурчтары жок тегерек,
Чексиздикке эп келет.
Алты канат боз үйдө,
Айтсак көптүр касиет.

Эр жак, төрү, эпчи жак,
Ортосунда коломто.
Асман менен жериңди,
Бириктирген босого.

Кереге, уук, түндүгү,
Каалга болот түзүмү.
Бардык шартка ыңгайлуу,
Жаз, жай, кышы, күзүбү.

Эңкейтип кирген эшик баш,
Ханыңбы, кулуң жок тандаш.
Карыбы, жашпы эленбейт,
Үй үчүн адам тең жашташ.

Тегерете отурган,
Дастаркон чети жайылган.
Ынтымакты бекемдээр,
Чоң мыйзам жатат катылган.

Ардактап алаар салт - санаа,
Кармаган усул сак кана.

Бардыгы даяр берилген,
Өзгөртпөө үчүн так даана.

Улуулар сөзүн кичүү угуп,
Насааттан дилиң тунугуп.
Тарбиянын башатын,
Таалимдин берген сапатын.

Чоң жыйындар, маареке,
Аштар өткөн керекке.
Боз үйлөр жайнап тизилип,
Күтүлгөн конок айтмекке.

Жайлоонун чыгып көркөмү,
Жылдыздай жайнап көктөгү.
Кыргызга жашташ эгиздей,
Колдонуп келген түптөгү.

Тал, карагай жыгачтан,
Бышыгы болот кынаптан.
Тоо жерби, түзү ылгабай,
Куруугa эптүү тандабай.

Жасаган чебер колдору,
Иштеткен жүнүн койлордун.
Аялдын сыны билинген,
Жабдыктардан илинген.

Оюлган оюм, чийимдер,
Боёлгон ар кыл кийизден.
Табигат түрлүү сырларын,

Боюна боз үй сиңирген.

Көч улап жүргөн элимдин,
Назары түшкөн Теңирдин.
Дүйнөнүн ээлеп жарымын,
Енесай, Алтай, Памирдин.

Жарым шаардын бөлүгү,
Мекеним сөздүн төркүнү.
Илимдер келет изилдеп,
Кыргыздай тамыр түптүүнү.

Улуттук биздин турак жай,
Жашарып турган арчадай.
Көчкөнгө ыктуу бүктөмү,
Ат, төөгө жүктөп арткандай.

Ала - Тоо, асман, суу таштан,
Куштары сайрап туш - туштан.
Ичкени кымыз, каз карта,
Кажыбас элим кайраттан.

Колдонгон ар бир буюму,
Улуттун өңчөй туюму.
Абайлап элим кастарла,
Айланат айтсам дастанга.

Эң башкы үйдө касиет,
Бабырап өскөн бала көп.
Катыгын берген катылдын,
Баатырлар чыккан сансыз көп.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 487512

## КАЙРАН ЖЕР

*(изилдөөдөн чыккан карталар)*

Чабал кыргыз аталбай чыңалаарбыз,
Качандыр бир үмүттү кайтараарбыз...
Духу бийик Манастын каны тартып,
Доор келээр, кеңейээр чек арабыз.

Казуулардан, жазуулардан тарых талдайт,
Ах, чиркин ай, тартпаганга каным кайнайт.
Олбур дене, көздөрүнүн оту жанган,
Дөөлөр - шаалар бизден болгон, ким тан албайт.

Изилдешип, даана тарткан сүрөтчүлөр,
Музейлерде сакталгандар нак өзүлөр.
Аскер кийим алтын, күмүш жалатылган,
Найза, кылыч, калканчысы зор көрүнөөр.

Коштогону алгыр бүркүт, арстандар,
Душмандарын тыйпыл кылып бир талкалаар.
Кыргызымдын этек-жеңи аалам жайып,
Колтугунда майда элдер баш калкалаар.

Мына ушундай державанын болгон ээси,
«Кыргыз» десе бүк түшүп турган кээси.
Биздин тамыр жети катар жерге жеткен,
Кайран түпкүр - «айкөлдүктүн» болгон гээси.

# БАЛАЛЫКТЫН БАКЫТЫ АТА-ЭНЕМДЕН

Эстен кетпейт, тартылып көз алдыма,
Айта келсем кызыгы - сөз алдыда.
Эч бир убак теңдештиргис ал учурум,
Өмүрүмдүн уңгусу баёлукта.

Балалык бар , дүйнө түгөл тазалыкта,
Төгүн кылсак ал биздин каталыкта.
Кылчайганда көз алдыман чууруп өткөн,
Эх чиркин, тасма турса бир калыпта.

Түйшүк билбей өткөргөн жашоо шаңы,
Балалыгым бир өмүрдүн саамалыгы.
Айлананын кооздугу эрте менен,
А балким, өзгөчөдүр аткан таңы.

Оюн ойноп, тойбогонбуз кечке дейре,
Балалык ай чаалыкпаган эсте дале.
Ошондогу тилдегенин апакемдин,
Бир жолу уксам арманым калбас эле.

Үйрүлүп, тамак - ашын оозго тутуп,
Өзүңүз жашоодогу менин кутум.
Балалыгым бааланат Сиздер менен,
Ата - энем уядагы бакыт кушум.

## ЖАЗАЛБАЙМЫН АЯГЫНДА БИР СЫРДЫ

Аккуу болуп Ысык Көлдө сүзөлү,
Бүркүттөрдөй аска - зоону түрөлү.
Шамал болуп океандын үстүндө,
Поэзия толкундарын түзөлү.

Түбөлүктүү арчалардай бүрдөйлү,
Жазалычы түркүн түстүү гүлдөрдү.
Чечмелейли булбул конгон эрте - кеч,
Бак шагында мукам чыккан үндөрдү.

Кыз -жигиттер кезигишкен түндөрдү,
Улам күтүп өтпөөчүдөй күндөрдү.
Жазбай койсом такыр эле окшобойт,
Жаз алдында көктөп турган бүрлөрдү.

Чиймелейин кышта аппак карларды,
Кыш чилдеде чайыт тийген таңдарды.
Арык суусу муз алдында мелмилдеп,
Шыргалаңдуу суу акырын акканды.

Молчулукту жазалычы күздөгү,
Жыйым - терим кызуу жүргөн түздөгү.
Пахта терим этек менен талаада,
Жер жайнаган термечилер жүргөндү.

Шыпыргыга терип боолоп бүргөндү,
Чөп орумда чапкы менен жүргөндү.

Чөп жыйноого чыккан кезим андагы,
Курбалдаштар каткырышып күлгөндү.

Айылдагы ат араба жүрүшүн,
Тоют жыйнап кышка камды көрүшүн.
Ээрчип алган ала дөбөт калбастан,
Мактангандай кээде чочуп үрүшүн.

Жазмакерлер жазалычы баарысын,
Жаш балдардын кубалашкан жарышын.
Бети-башы баткак болгон баланы,
Апасы издеп айыл этек табышын.

Бөлө албаган музоо уйду эмишин,
Саандан калган эне уулун кейишин.
Кечке ойноп апасынан корккон кыз,
Жыйноо үчүн шашып үйгө келишин.

Шок баланын класс бурчта турушун,
Короодогу эки-экиден урушун.
Жетекчиси ата-энесин чакыртты,
Балалык да «кечиргиле» сунушум.

Жазалычы бийик тоону, дөңсөөнү,
Балалыгым калган жерди көксөөнү.
Таш-топурак ача албаймын жолдогу,
Сыр жашырган - өмүрлөрдү көчтөгү.

## КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ

Кыргыз, кыргыз, кыргыз деген ким өзү,
Болгон элбиз алгачкыдан сөөлөттүү.
Бир эле эмес бир нече ирет түзүлгөн,
Чоң каганат - түптүү кыргыз дөөлөтү.

Империя - мамлекеттер түзүмү,
Демек болгон улуу кыргыз бүтүмү.
Дүнүйөнү дүңгүрөткөн чоң дүбүрт,
А азыр биз чоң тарыхтын күкүмү.

Бириктирген Көк асаба, Кызыл туу,
Баатыр элдин орду болгон барандуу.
Үлгү алалы артка карай кылчая,
Ээлик кылган, көп жер болгон карамдуу.

Дарак болгон түбү терең тамырлуу,
Бөлүнүшкөн көптөгөн эл тарамдуу.
Аңтаралы тарых бетин барактап,
Жолго салат алар бизге жарамдуу.

Үйрөнөлү басып өткөн жолдорду,
Окуу керек далил болгон томдорду.
Чоң таяныч, колдоору анык кармансак,
Улуу дүбүрт чапкылаган доорлорду.

## АЧЫЛЫШТАР МҮМКҮН БИЗГЕ РУХТАРДАН АЧЫНЫШ

Бул керемет, кеч эместир табылга,
Бул биз үчүн келечекке камылга.
Түбү терең кайран гана кыргызым,
Кан жүгүртсүн, чөгүп турган тамырга.

Изибизди бастырбастан башкага,
Бекем кармап ээ бололу туткага.
Мындай баалуу биздин улуу тарыхты,
Алып кетүү парыз биздей кыргызга.

Карынга эмес, иш туталы кадырга,
Сыр алдырттык «тең» келбеген чаңырга.
Мүмкүн бизге «эсиңе кел урпак» деп,
Аян берип жүрүшпөсүн тарых да.

Улам-улам табылууда ачылыш,
Бабалардан мүмкүн бизге «ачыныш».
«Болгон эмес кутул кулдук мүнөздөн»,
Рухтары жасап жатат каңырыш.

«Көтөргүнүң башты бийик кыргызым,
Чачылгандар жыйналгыла сунушум.
Тентибестен бейиш жериң барктагын,
Кутун баала, гүлдөп өсөт турмушуң».

Деген өңдүү белги келип жаткандай,
Биз болбойлу бар дөөлөттү чачкандай.
Ар-намысты бийик коёор кез келди,
Карманалы, бир атанын балдардай.

## ЧОҢ АТАЛАР СҮРӨТҮНӨ ЧОҢ СҮРТҮМ

Түрдүү чапан ичик коюп шырылган,
Тике жака сыртка карай кайрылган.
Баштарында суур тебетей жөнөкөй,
Баары бирдей турпатына жарашкан.

Бутта өтүк таза ийленген кайыштан,
Бышык болгон кышта, жазда майышпай.
Сырткы кийим сактап турат адамдык,
Сырлар жатат жүрөк койбойт кайышпай.

Ууз колдор тигишиптир эрге бап,
Асман толо жаркыраган жылдыздар.
Бут алдында жатат чаар жолборсу,
Колдоочусу касиеттүү кайыптар.

Аталарда болгон аала сапаттар,
Көрүнгөндөй кабагынан кайраттар.
Бул сүрөттө баары даана айтылган,
Сезе билген алдын ала кыраандар.

Аталарым ак сакалын жайкалткан,
Адам сөөлөт үстү бүркүт кондурган.
Колдо таяк жөлөп алган колдорун,
Не бир укмуш мааниси бар болмуштан.

Толгон айда ак булутту аралай,
Ай жарыкта калкып булут жайма-жай.
Кылымдарды арты-артынан узаткан,
Картаң тоолор турат дале катарлай.

Чоң аталар узак жолду утурлай,
Келечекке үмүт артып тургандай.
Ай-ааламдын бүтүндүгүн түзгөндөр,
Катарында бабаларым толуктай.

## ДАҢАЗАЛАЙМ ЖЕРГЕМДИ

Кара-Кулжа акындары биригип,
Ыр жыйнагын чыгаралы терилип.
Даңазасын чыгаралы жергемдин,
Улуулугун жар салалы билдирип.

Улуулардан - жазалы биз зоолорду,
Улуулардан - инсандарды коомдогу.
Эмгегибиз тартуулансын туулган жер,
Кулундарың анык мени колдоору.

Эл баштаган хандар чыккан жергемден,
Мекен коргоп баатыр чыккан элдерден.
Жаза турган, каза турган кендер бар,
Изилдесек тарыхыбыз тереңден.

Кара-Кулжа ыйык мекен,
Бар байлыгым баары сенден.

# ӨКТӨМ КЕЛЕТ КАРА-КУЛЖА КЫЗДАРЫ

Ак маралдай басса бою керилген,
Сулуулук бар суктанаарлык келишкен.
Тоолук элдин кыздарына сөз жетпейт,
Ар тараптан өнүгүүгө жетишкен.

Чыгаандары бар тараптан көрүнгөн,
Ишмердүүлүк тоолуктарда өнүккөн.
Талантты да биздин элге бериптир,
Кара-Кулжа кыздарынын өзү өктөм.

Ат жалында күлүк минип ойногон,
Комуз күүлөп, шайырлары тойлогон.
Чарба иштерин, эл кызматын жетектеп,
Алдыңкы көп, иш күжүрмөн койбогон.

Ыр төгүлүп ооздорунан куюлуп,
Аруу тилек акындарда улуулук.
Улутумдун укуругун узарткан,
Сыймыктанаар алдыңкы көп аты улук.

Кайырма:

Кара-Кулжа кыздары,
Бардык иштин устаты.
Көз жоосун алат карачы,
Кыздардын сайган саймасы.

## ЫРК

Ырк дегенди түшүнөбүз, айтарыбыз,
Билишпеси анык биздин жаштарыбыз.
Ыркы кетүү – ынтымактын бузулушу,
Жакындардын мамиледен байкарыбыз.

Ыркы кетсе үй-бүлөлөр бузулат,
Бир туугандар ымга келбей тутугат.
Ата-бала ортосунда сый кетип,
Кары сөзүн бала укпай чыр кылат.

Акыреттик дос арага доо кетсе,
Эки аранжы, келүү кыйын бир эпке.
Арзышкандар түшүнүшпөй акыры,
Биригүүгө жолтоо болот билгенге.

Кан кудалар ортосунда ырк кетсе,
Балдарынын ынтымагы бузулат.
Тескериси колдоп турса турмушун,
Анда ата-эне себепчидир кут улап.

Иш жолунда ишчилерден ырк кетсе,
Күчтүүлөрү жөндөп кетет ар иште.
Мындай жолдор болуп келген жашоодо,
Алсыздарды сүрүп чыгат бир четке.

Ич ара эмес, сырткы иштер маанилүү,
Тынчтык үчүн сүйлөшүүлөр көрүмдүү.
Өзгө сак бол, алдырбагын сырыңды,
Татыктуу бол, ээлеттирбей төрүңдү.

## МЕНИКИ

Бул меники, тиги дагы меники,
Ал меники, алар дагы меники.
Мээнети жок басып алуу элдикин,
Каракчылык мода болду кийинки.

Бул мага, мага болчу тигилер,
Ал мага, алар мага тийгендер.
Таламайга таттуу болгон өлкөнү,
Быт-чыт кылды улам постко келгендер.

Алса дагы, басса дагы токтобой,
Тойбосторго адат болду топтомой.
Байлык үчүн ырайымсыз күрөшүү,
Качан бүтөт бирин-бири боктомой.

Бул ач көздүк опсуздуктун белгиси,
Обу жоктук ойрондоду кийинки.
Суроо-сопкут берүүчү да күн келет,
Тескеп алат, ырыскылар - элдики.

## ОҢОЛУУНУН ОҢОЙ ЖОЛУ

Ал да, бул да тийип турган күндүн нур,
Түшүнүксүз, кандай чечим бул кургур.
Ушул тууну пир тутушкан элдерге,
Каршы туруу өзүнчө бир маңкурттур.

Ийри нурду түздөп тартса оңдолсо,
Өлкөбүздүн өсүү жолун комдолсо,
Сүрөтчүгө артсак бийик милдетти,
Сыйкыр кисти бүтүрмөк да керекти.

Карыздарды бардык ички, четтеги,
Кутулттурмак , таппай мурда себепти.
Чыр болтурбай коңшу менен чектерди,
Калтырбастан бүтүрүшмөк кектерди.

Миграцияда жүргөн биздин атуулдар,
Эбак кайтмак калбай сенде - мендеги.
Жашамакпыз кемибестен жер-суубуз,
Чогулушмак кыргыз аттуу тектеги.

Желек, гербди жада калса гимнди,
Оңдой берсек оңолобуз - билинди.
Мына ушинтип аракеттен кутулчу,
Демек бизде акыл - эстер «киринди».

Биздеги акыл башкаларга ообосун,
Билип алып бизден баары озбосун.
Барктап алуу биздин милдет «генийди»,
Жашай берсин башка мээлер «чиринди»

## БАРА ЖАТАТ БИР КЫРГЫЗ

Чапан, калпак салабаттуу көрсөтүп,
Таң калтырды көпчүлүктү сүрдөнтүп.
Башка элдер арасында барандуу,
Кыргыз жигит баарысынан баркы улуу.

Кең көчөдө бара жатат бир кыргыз,
Узун бойлуу, олбур дене мырзабыз.
Айырмасы бийиктиктен караган,
Аска тоодо учкан бүркүт сындуубуз.

Чет өлкөдө чапан этек жайылган,
Эки жакты сыймык менен каранган.
Кыргыз жүзүн келбетинен көрсөтүп,
Улутунун улуусуна табынган.

Биз элденбиз көктөн Теңир жалгаган,
Тээ илгертен оомат өзү тандаган.
Алга карай бет алалы тайманбай,
Духу күчтүү эрлер турса кайтпаган.

## КИТЕП

Жан дүйнөнү байыткан китеп,
Ай ааламды тааныткан китеп.
Өнүгүү жолун өргөгө салып,
Жеңиштерди багынткан китеп.

Маалыматты жайылткан китеп,
Кылымдар көчүн карыткан китеп.
Түбү сырдуу, көп кырдуу илим,
Билимдүүнү маарыткан китеп.

Түп тарыхты үйрөткөн китеп,
Осуят кыла түптөткөн китеп.
«Манасты» окуп келечек муундар,
Өтмүшкө карай түздөткөн китеп.

Адеп - ахлак тазарткан китеп,
Окуган сайын жашарткан китеп.
Маданий жактан алака түзүп,
Бирине - бирин байлаткан китеп.

Ынтымакка үндөткөн китеп,
Чет тилдерде сүйлөткөн китеп.
Чыгармада жандуу да жансыз,
Каармандарды сүйлөткөн китеп.

Тил барктоого жөрөлгө китеп,
Эне тилге көрөңгө китеп.
Мурастата кийинки муунга,
Өткөрүүгө өбөлгө китеп.

## АКЫЛ ОЙ КОСМОСУН БАГЫНТКАН ЧЫҢГЫЗ

Акылы аалам чапчыган,
Дүйнөгө элди тааныткан.
Адабий жактан болбогон,
Көз караш мындай тарыхтан.

Жерде эле эмес асманда,
Чабыттап ою жылдызда.
Тамырын кенен жайылтып,
Калыстык белен айтымда.

Табийгат менен сүйлөшүп,
Жакшыны ылгап жүргөнүн.
Айбанда болсо эзилип,
Адамдан артык күйгөнүн.

Аярлоо үчүн үндөгөн,
Жаратылыш чөлкөмүн.
Аяр карап барктабас,
Ачык айткан күйөөрүн.

Сүйүүнүн орду середе,
Жазбаган андай тең келе.
Кыргызга болсо ачылыш,
Дүйнөгө болгон жаңылык.

Кыялга минип балакай,
Булутту минип чалкалай.

Ак кеме менен сүйлөшүп,
Жолугуу үчүн утурлай.

Өткөн менен келечек,
Аныктап даана жазылган.
Түшүнүү үчүн чоң сабак,
Түбөлүк мурас айтылган.

Адамзат үчүн жаңырыш,
Адабий жолго табылыш.
Акыл-ой жактан ааламга,
Космостой болгон ачылыш.

Манасты тапкан эр Кыргыз,
Элимден чыкты бир Чыңгыз.
Дүйнөнү дагы багынтаар,
Тапталып чыгаар миң кыргыз.

## СЫЙМЫКТАНАМ

Сыймыктанам кыргыз болуп жаралганга,
Түптүүлүктөн бүчүр болуп таралганга.
Океандын тереңиндей баалуулук бар,
Баатыр элдин тукуму деп саналганга.

Сыймыктанам Ала-Тоолуу мекениме,
Аска зоодой зоболосу зор элиме.
Байыркыдан элдүүлүктү бекемдеген,
Кармап келген ыйык менин өз тилиме.

Сыймыктанаар Гимним бар ырдаган,
Эгемендүү өлкөбүздү даңктаган.
Желбиреген асаба бар кызылдан,
Башты бийик көккө карай кармаган.

Гербибиз бар эркиндиктин белгиси:
Күжүрмөндүү элим сүйгөн эмгекти,
Жайып турса алгыр бүркүт канатын,
Ысык Көлүм баяндаган санатын.

Кырка тоолор жандап ала чокуну,
Ала -Тоодон чачыраган күн нуру.
Гербим өзү тартылгандай бир дүйнө,
Бүт ааламга бизден берип жылууну.

Сыймыктанам кармап келген улутту,
Салт-санаага барктап көңүл бурушту.
Ар бир сөзү-макал менен лакабы ,
Берүү тура түбөлүккө сунушту.

Сыймыктангын баба баскан кадамга,
Ал жөн эмес алуу керек капарга.
Кызыр даарып келген кыргыз элимди,
Барктап, сактап бекем туткун назарга.



## ТАТААЛ КЫРГЫЗ ӨТМҮШҮ

Жазуу кыйын ырларды өтмүштөгү,
Анык эле белге чыкпай өргүштөөрү.
Мени эле эмес, «мен» деген кыйындарды,
Иргеди билим жактан күчтүүлөрдү.

Жаза келүү, демек түпкү сырын чечүү,
Чөкпөстөн океандын суусун кечүү.
Жалындаган улуу оттун кызыл чогун,
Жалтанбай жыланайлак чача тебүү.

Асмандагы ай жарыкка учуп жетүү,
Учкан жылдыз самаган тилек билүү.
«Саманчынын жолдору» чачылганга,
Эмне себеп аны тактап билип келүү.

Жети кабат, асман менен жердин сырын,
Ким айта алат? Аны дагы билүү кыйын.
Дүйнөнүн чечилбеген сырлары бар,
Адамзатты түбөлүккө таң калтыраар.

Деген сындуу кыргызымдын болмушуна,
Даап кирүү, татаал өткөн турмушуна.
Сыры менен барктуулугун барктаар элем,
Купуясын жер шарына окшоштура.

Айта берсек, түгөнбөгөн алп санат,
Кыдырмакмын болсо менде кош канат.
Байыркылар жердеп келген мекенди,
Жетпөөчүдөйм айлап эмес мен жылдап.

## КАМЧЫГА САП ЖИГИТ

Деп атаган эл уулдардан- азаматты,
Сөзгө туруп, бийик туткан ар намысты.
Жумурай журт арасынан саналуусу,
Мындай наамга иргелген татыктуусу.

Ыйгарышкан бийик туткан ариетти,
Карманышкан сабырдуудан каниметти.
Бул жабдыктын билдирүүчү сырлары көп,
Камчынын арбын тура касиети.

Байыртан эрктүүлүктү баалап келген,
Ат күлүгүн эр азамат тандап минген.
Астындагы унаасынын күчтүүсүнөн,
Камчы саптан кандайлыгын баалап билген.

Орду болгон үй-бүлөөдө анан коомдо,
Зоболосу тең келгендей бийик зоого.
Жубайы, бала-чака, тууганлары,
Салынган тарбиясы адеп жолго.

Камчы сапка жараган жигиттер көп,
Эл ишенген тутумдуу айтаарга төп.
Эзелтен намыска бек эр азамат,
Болгон үчүн куралган чоң каганат.

# МЫРЗА

«Мырза» деген наамда өзү маани мол,
Өзүн-өзү айтып турат бычып тон.
Жардам колун керектүүгө узатып,
Жоомарттыгын көрсөтүүчү берен кол.

Токтоо мүнөз, кепти угуп тындаган,
«Анчаларга» маани берип сынбаган.
Милдетиндей элдин жүгүн аркалап,
Тегиз карап ынтымакты чыңдаган.

Тике карап, көз жүгүртүп аңдаган,
Баарын байкап, калыстыкта талдаган.
Аялзатка аяр жасап мамиле,
Камкор карап асылдыгын баалаган.

Карыларды ыйбаа менен барктаган,
Оор жүктөн боюн ала качпаган.
Максат менен жыйындарда сөз улап,
Ишеничти марттык менен актаган.

Намыскөйлүк мырзалардын урааны,
Адилеттик анын башкы курамы.
Бир сырдуулук, сабырдуулук сапаты,
Күчтүүлүгү-көтөрүмдүү чыдамы.

## ТӨРӨДӨЙ КЫЗ

Төрөдөй кыз жагыптыр төркүнүнө,
Маани бергин айтылган сөздөрүмө.
Улуулардын кебинде калет жоктур,
Айгинелеп турмуш өзү көргөзүүдө.

Төркүндөрү узатышкан турмушка,
Жол жоболоп бата менен тынмакка.
Майда өрүп чачын сылап башынан,
Урмат-сыйга бөлөп келген кыргызда.

Катуу айтпай мамилени өзгөчө,
Назик жанга жакшы жагын көргөзө.
Убактылуу, мейманыдыр үйүндө,
Ызат менен отургузчуу баш төргө.

Кыз кылыгы төркүнүнө маалым дейт,
«Мындай эмес болчу»деген курук кеп.
Кызга тыюу болуп келген кырк үйдөн,
Ар бир кызга айтылган оң седептеп.

Ыйбалуу кыз ата-энеге барк алат,
Ыймансызга тескериси көп наалат.
Үй-бүлөөдөн багытталат келечек,
Бактысы үчүн кылалычы далаалат.

Төрөдөй пейил кыздарды, төрөдөй тууган чыгарат,
Каттай бербей төркүнгө ыгы менен жол алат.
Бары -жогун билгизбей , эч нерсеге киришпей,
Келин-кесек, туугандан ошону үчүн нарк табат

## АЙТЫЛГАН СӨЗ АТЫЛГАН ОК

Жыгылган турбайт анык сөз,
Айтылган сөздөр аткан ок.
Маанисин терең түшүнгүн,
Ооздон чыкса ураар ток.

Айтаар болсоң эгер сын,
Жармашаары ал да чын.
Каргай көрбө бирөөнү,
Кылыч алып суурул кын.


Баласын кошуп сүйлөбө,
Андан ыйык жан жоктур.
Нанды кармап карганба,
Өзүңө кайтса ал октур.

«Баландын этин жегир» деп,
Айтканды уксаң дүр этет.
Кайтпаса экен өзүнө,
Үрөйү учкан уулуу кеп.

Жармашат дешет жакага,
Жармашып калсын такага.
Кыйытып айткын сөз болсо,
Курчтукту оодур сакага.

Жылмаюу болсо садака,
Жакшылар такыр башкада.
Көңүлдү улап сүйлөгүн,
Жан болсо аны бааларга.

Жаман сөз башы какшыкдыр,
Жан эргитчүү жакшыдыр.
Айтканың кайтат унутба,
Аңдабаган бакшыдыр.



## КАРА-КУЛЖА ЭЛИМ ТЕКТҮҮ ӨЗГӨЧӨ

Кара-Кулжа элимдин өзү өзгөчө,
Макалдата куюлушкан сөзү өзгөчө.
Бешенеси жылдыздуу жүзү өзгөчө,
Мээрим толгон сүйкүмдүү көзү өзгөчө.

Ала-Тоолор курчаган чеги өзгөчө,
Кырандагы чөптөрдүн мээри өзгөчө.
Дары суулуу булактардын кени өзгөчө,
Төшөлгөн көк тулаңдуу жери өзгөчө.

Баба дыйкан дан өстүргөн талаа өзгөчө,
Борбор болгон так ортосу калаа өзгөчө.
Тоо артынан нурун чачкан таңы өзгөчө,
Мөңгү суулуу дайралардын шары өзгөчө.

Бак-дарактар бүчүр байлап жазы өзгөчө,
Ысык аба аптаптуу жайы өзгөчө.
Береке, төгүн-чачын күзү өзгөчө,
Аппак карлуу кыш мезгилдин түрү өзгөчө.

Каада-салттуу төрдүн көркү кары өзгөчө,
Асман тиреп менсинген тагы өзгөчө.
Сайраган бак ичинде кушу өзгөчө,
Мырзанын белиндеги куру өзгөчө.

Басса бою керилген кызы өзгөчө,
Келишимдүү жигиттердин сыны өзгөчө.
Атыңдан кагылайын Кара-Кулжам,
Бийик тектүү элимдин сыры өзгөчө.

## АТУУЛУ БОЛ АЛАЙДЫН

*(Архитектор жээним Нурболотко)*

Кызмат кылгын туулган жериң Алайга,
Эмгек менен даңкың чыксын далайга.
Эл уулу бол, журтуң турсун кадырлап,
Сыймык менен атың жетсин «атуулга».

Жыл эле эмес күндөн - күнгө өзгөртүп,
Шаарлар ичи кулпурткула көрктөнтүп.
Бийик - бийик имараттар жайнаган,
Жаңылануу, жарашыктуу түрлөнтүп.

Төгөрөгү, төрт бурчтуусу, үч бурчтуу,
Кээ имарат баштан - өйдө айнектүү.
Үй үстүндө бассейн бар, ашкана,
Спорт залдар, бала бакча керектүү.

Жаңы кадам, жаңы - жаңы көз караш,
Изилдөөдө өзгөрүштөр көп болот.
Өнүгүүсү өлкөбүздүн колунда,
Чийме чийген архитектор Нурболот.

Эл аралык аренага Кыргызстан,
Жетиштирүү өзүбүздүн жаштардан.
Калаа өңдүү берекелүү айлыбыз,
Өзгөрүлсүн, өссүн кайра куруудан.

## НАПСИ

Напси деген башкаруучу көрүнбөгөн,
Береке , токчулукту төгүндөгөн.
Бышыкталып жанбаган жандырмагы,
Үзүлүп жиктеринен сөгүлбөгөн.

Куралган оокат-ашка алымсынбай,
Болсо да болсун деген напси ушундай.
Азгырып «дагы-дагы жыйна» деген,
Азгыруучу шайтандын тилин тыңдай.

Жетектеп жетчүү жердин аягы жок,
Күчтүүлүгү-таянар таягы жок.
Нысапсызды чыгарып туу чокуга,
Кулаарында куткарбаган кунары жок.

Түз жолдо кете берчүү сурааары жок,
Билсе да сактап турчу тумары жок.
Байлык да дөөлөт сымал тоголончу,
Көз тойбосту ороого түртүп коймок.

Түрү көп ашкерлеген кылыктары,
Бүлүнсө бирикпеген сыныктары.
Напсисин тыя албаган нысапсыздын,
Сурагы күч, коё бербес тузактары.

## МЕНИКИ

Бул меники, тиги дагы меники,
Ал меники, алар дагы меники.
Мээнети жок басып алуу элдикин,
Каракчылык мода болду кийинки.

Бул мага, мага болчу тигилер,
Ал мага, алар мага тийгендер.
Таламайга таттуу болгон өлкөнү,
Быт-чыт кылды буга чейин билгендер.

Алса дагы, басса дагы токтобой,
Тойбосторго адат болду топтомой.
Байлык үчүн ырайымсыз күрөшүү,
Качан бүтөт бирин-бири боктомой.

Бул ач көздүк опсуздуктун белгиси,
Обу жоктук ойрондоду кийинки.
Суроо-сопкут берүүчү да күн келет,
Тескеп алат, ал ырыскы- элдики.

## ҮСТӨМДҮК

Бул бир оору адамзатка жабышкан,
Нысапсызга адат болду каныккан.
Алсам, жулсам, көмөчүнө күл тартуу,
Кетпес илдет, кара өзгөйгө басыккан.

Бул бир оору айбанатча күрөшкөн,
Жашоо үчүн алсыз канын төгүшкөн.
Жортуул жасап кете берет тандабай,
Жолу болсо коруктаган бөлүштөн.

Ооруу болду чабалдарды басынткан,
Кордоо, зордоо адат сымал табыккан.
Ыйман кетип, пенделерден ырк кетип,
Залим- зулум кайра тартпас чабыштан.

Жер шаарында ооруу болду менсинген,
Күчтүүлөрдүн таасиринен жиктелген.
Колду салуу, бүтүн журтка капкалуу,
Зөөкүрлөрдүн иши тура пештелген.

Тынч жаткан эл, жерге түшүп каран түн,
Жоготуулар, жарылуулар күнү-түн.
«Үстөмдүк» бул ооруу болду кетпеген,
Кара булут, бороон менен кептеген.

Кан төгүлөөр, ызылдаган эне-бала үндөрү,
Астын-үстүн басылбаган кайгы-муңдун күүлөрү.
Күңгүрөгөн добуш чыгат адамзатты аяган,
Бүлүнтпөгүн! Бүлүнтпөйүн!
Эсиңе кел, эскертүүчү – Жер Энеңер таяган.

## ПЕНДЕЧИЛИК

Жакшы-жаман, ысык-суук, өйдө-төмөн,
Башка келсе бардык пенде көтөргөн.
Бул дүнүйө оомал-төкмөл дүнүйө,
Билгенибиз, укканыбыз көптөрдөн.

Узун-кыска, ак-карасы, арык-торук,
Түрлүү адамда түрдүүчө кылык-жорук.
Ар бир пенде өзүнчө купуядыр,
Сырын тапсаң дилине көңүл толуп.

Чечени бар, аз сүйлөгөн токтоосу,
Жайдарысы, сыр кармаган тактоочу.
Мүнөзүнөн билүү кыйын баарысын,
Сапаты бар алардын да жактоочу.

Байлары көп эсеби жок малынын,
Өйдөсүнүп бийик коюп калыбын.
Алгандын да бермейи бар салмактап,
Кызыктырып тартып койчу тамырын.

Колунда жок жупунулар толтура,
Күнүмдүккө нанга тыйын чогулткан.
Тагдыр берген бабыратып балдарды,
Кереметтир бактысына муюткан.

Мунун баары мааниси чоң билгенге,
Айткым келди кулагына илгенге.
Алсыздарбыз, Жаратkандын алдында,
Барктоо керек азар бербей дилдерге.

Турмуш өзү тегиздеген тараза,
Пендечилик берсе дейбиз дагы да.
Кедей байга, бай Кудайга жетем деп,
Көз тойбостор түшкөн бирдей жарышка.



## НААЛЫБА

Ыраазы бол баарына,
Ысык-суук табына.
Боло берет сабыр кыл,
Сактык тиле жаныңа.

Дем алууга таза аба,
Таза суулар шар ага.
Коздугун карачы,
Гүлдөр жайнайт талаада.

Бала-чакаң жаныңда,
Болбогонго кайгырба.
Барын баалап билели,
Шүгүр кылгын, чабылба.

Тынчтык болсун абыдан,
Иш оңолуу табындан.
Бактылуулук колуңда,
Сый көргүнүң жарындан.

## ЖАКШЫ ДЕГЕН ЖАКШЫ

Жакшы сөздөр көңүлүмдү көтөрбөйбү,
Мындай сапат баарыбызда бир өңчөйбү.
Жаңылыктар көп болсо толкунданткан,
Башаттары бир ийгилик өңдөнбөйбү.

Жакшы кийим адам бойго жарашат,
Жакшы жүрбөй адам жолдон адашат.
Жакшы дейсиң оору кургур жүдөтсө,
Жакшы дейсиң эптеп деле күн өтсө.

Жакшы уул элге кылса кызматты,
Жакшы кыздан эне табат урматты.
Жакшы сезим арууluктун тактысы,
Жакшы бүлө, ачылганы бактысы.

Жакшы жердин топурагы нык болот,
Жакшы тойдо үйгө конок жык толот.
Жакшы көчөт бүчүр байлап бак болсо,
Жакшы инсан мамилеге так болот.

Жакшы жааган кардан суулар көп болсо,
Жакшы жаандан кырманына дан толот.
Жакшы акындын жазган жакшы ырына,
Жакшы обондор күүгө карай коштолот.

Жакшы ишкер иштин жолун бат табат,
Жакшы ит да жата бербей үй карайт.
Жакшы дыйкан жерден тапса береке,
Жакшы фермер мээнет менен мал багат.

Жакшы аялдын үй ичине кут конот,
Жакшы күйөө кайынына пир болот.
Жакшы башчы эл-жерине кам көрсө,
Жакшы жашоо, келечеги кең болот.

Жакшылыктар айта келсем ченемсиз,
Жакшы сөз айт, жаман бизге керексиз.
Жакшы ой, ниеттер менен тилектер,
Жакшы жакка оой берсин кезексиз.

## НААРАЗЫЛЫК

Кесе сүйлөп, кендир кесүү кунарсыз,
Кирлүү суудан дарак калаар бутаксыз.
Баарынан да ата каргыш жаман дейт,
Дил оорутса бала калбас жазыксыз.

Эне байкуш каргаса да сөзү бок,
Калса дагы бушаймандуу ичтеги чок.
Жамандыкты ыраа көрбөй перзентине,
Көкүрөгүн тешсе макул атылган ок.

Касиеттүү түптүүлөрдүн билгени күч,
Жаман-жакшы айтылса тийгени түз.
Жети өлчөп, бир кесчү сакабадыр,
Тула боюн ээлеген тазадан жүк.

Кызуулуктан каргап алса кайрып алчу,
«Ташка тий» деп түкүрсө ташты жарчу.
Ооздон чыккан сөз жаман абайлагын,
Периштелер «оомийин» деп бата тартчу.

Жалгандан жалаа жапса тийдирип сөз,
«Кайтып калсын жабышып жакаңа өз».
Жетиштүүдүр текеберге кайрылчу кеп ,
Азабын өзү тартат жалганып кек.

Келип-келип сөз төркүнү такалчу,
Түрлөрү көп бирден көпкө саналчу.
Эң башкысы башкаларды күйгүзбө,
Нааразылык бирден ээсин табалчу.

## ӨЗГӨРҮЛӨТ

Жер бетинде өзгөрүлмө түбөлүктүн,
Аалам чексиз бийиктерге жетпестей үн.
Көк мекени асмандагы- ай, жылдыз, күн,
Өзгөрүлгүс жарыктан нур, караңгы түн.

Тегиз жолдор дөңгө айланат сүрүлүп,
Жарылаттыр бийик тоолор түрүлүп.
Аккан суулар, мелмилдеген океан,
Ага берет- толот, соолуйт бөксөрүлүп.

Шаарлар бар сууга чөккөн табылгандан,
Далилденип, изилденген казуулардан.
Кылымдардан мүмкүн жылып кылымдар,
Дуушар болоор алпы чыгып жан-жаныбар.

Токой куурап, гүл чыгаттыр жаңыдан,
Аска зоону мөңгүлөтүп кар улам.
Мүмкүн мезгил ысык-суугун өзгөртүп,
Айланттыраар чөл талаага сугарган.

Кийинкиге биздин заман тарыхтыр,
Бабалар биз- бarkташпаса карыптыр.
Туткан жолдор сыймык болуп аларга,
Биз ийгендей, муундар бизге парыздыр.

## ӨМҮР КЫМБАТ

«Даана сездим өмүр кымбат экенин»,
Сөз ичинде чоң маани бар билгеним.
Кийим, тамак, жашаарыңа үйүң бар,
Калган нерсе келе берет дегеним.

Эң биринчи болгон болсо ден соолук,
Амандыкта бала-чакаң, бир бооруң.
Адам баарын кечтен билет окшойбуз,
Мезгил улук- билсек чектеп коёрун.

Жашоо өзү жашаганга чоң талант,
Эч кеч эмес күүлөй алсак кош канат.
Сабыр-канаат, жанашканга жакшы адам,
Барктай алсак, өмүр өзү аманат.

Абайлачы, мезгил алга шашпагын,
Али көп бар мен өзүңдөн татаарым.

## ЧАБАЛДАНТТЫ ЧЕТ ЭЛ ТАМАК-АШТАРЫ

Далбырдатса билбей дарбып алдыкбы,
Баалуулукту четке сүрүп салдыкбы.
Кужүрмөндүү, таза сындуу сапатты,
Барктабастан орто жолдо калдыкбы.

Ден соолугу улутумдун чабалдап,
Башкаларга тонотбойлу карактап.
Аксап турат жабыркаган көбөйүп,
Айткым келбейт, оору түрүн санактап.

Сонурканткан түрлүү түмөн тамак-аш,
Кафе, ресторан жайнап кетти аралаш.
Французча, Италияча эттери,
Аттарынан айландыбы биз баш.

Табактагы тамак үстү жалындап,
Күйүп турса кубанабыз колду чаап.
Идиш четин чийип коздоп ак-кызыл,
Ага деле төлөп акча кочуштап.

Шашлыктын түрү өзбек, кавказча,
Жарты жилик билсек артык кыргызча.
Салмагы көп кытай татым кошулган,
Татыр бекен бир кесимче чучукча.

Табияты таза даамдуу, нукура,
Баалаганда күйбөйт элек биз мынча.
Бейиш жерде өскөн жемиш жашылча,
Керектейли пайдасы көп соолукка.

Айран, сүттү, кымыз, курут, сары май,
Казандагы бышкан нандын даамы ай.
Узак өмүр жашап келет улуу муун,
Тың басышып оорубастан колу, муун.

## ӨЗҮН ИЗДӨӨ БИЙИК КАДАМ

Өзүбүздү изденүүдөн кеч эмес,
Өткөн күндөр берет экен түр элес.
Жакшы жагын эстей жүрүү кубанып,
Ашуу үчүн кубат берээр бир белес.

Тагдыр жолун тайманбастан кечели,
Татаалдыктан тайгаланбай өтөлү.
Эмгек жүгүн арыбастан көтөрүп,
«Бул менмин» деп сыймыктана жүрөлү.

Кужүрмөндүү жиреп кирип ар ишке,
Бир күүлөнүп жетишели жеңишке.
Өзүбүздү бийиктиктен издейли,
Арыштайлы көтөрүүчү секиге.

Ак жүрөктөн элге кызмат кылалы,
Жашырбастан ачалычы сырларды.
Өрнөк алып, жолубузду жолдоор көп,
Карысак да бузбайлычы сындарды.

## ТҮПТҮҮДӨНБҮЗ ЭЭРЧИБЕГЕН КҮНДӨРДҮ

Жик-жиктерге бөлүнөбүз бириндей,
Баары ачык, кантип койсун билинбей.
Камалууда чындык дечү чырылдап ,
Табалаган макоо жердин битиндей.

Чагымчылдар басмырлашып иш түшсө,
Жүзү ачылбай бети кара чүмбөттө.
Абийир, намыс кайда калды кокуй ай…
Азаматтар калбагандай күрөштө.

Билинүүдө атайын топ түзүмү,
Соц. тармактан баары дайын көрүндү.
Акыйкаттык качты окшойт чыркырап,
Ээлеп турса миң жүздүүлөр төрүңдү.

Мындай болсо… Жыя албадым оюмду,
Өзүбүзгө тартпагынын торуңду.
Алдастабай токтотолу акылды,
Урпактарга жасабайлы корумду.

Байлык, бийлик басмырлады кул кылып,
Көрбөгөндүн курусундай көргөндү.
Унутпайлы түбүбүз кең түптүүдөн,
Ээрчип келген балдар эмес күндөрдү.

Баркын биле көтөрүлө колдойлу,
Элге күйсө кенен ачып жолдорду.

Ар бирибиз Мекен үчүн жан үрөөр,
Мезгил келди, алгын бөгөт торлорду.

Бир тууганбыз бөлүнбөйлү бир элден,
Эркин элбиз, көтөрттүрө дем берген.
Бир муштумдай бириктирип колдорду,
Улайлычы алга изги жолдорду.

## САГЫНДЫМ КҮЗДҮ АНДАГЫ

Тээ илгери мен секелек кездерде,
Бүгүнкү күз мындай эмес башка эле.
Жалбырактар төмөн карай желпинип,
Оюн салып жерге түшчү серпиле.

Сыдырымга эркелешип ыргалып,
Бирин-бири ээрчий ылдый буралып.
Кадам сайын шуудурашып үн берсе,
Сапырчуумун уучтап алып кубанып.

А азырчы...андай эмес башкача,
Алтын күзүм калганбы дейм боз тарта.
Бутагынан бөлүнбөскө аргасыз,
Кулабаска тутаары жок башка арга.

Билем күзүм, бул мезгилдин мерчеми,
Сагынгандан айттым ойду мендеги.
Бүчүр байлап эрте жаздан көгөрсө,
Берекени биз күтөбүз сендеги.

## БИРИМДИКТҮҮ КЕЛЕЧЕКТИ КУРАЛЫ

Оо «жакшылар» бийиктигин унуткан,
Кез келбесин улуу журтту куруткан.
Алга-артка сарасепти салалы,
Көөдөн жутбу, көрө албай буулуккан.

Бизге чейин тутуп келген мерчемди,
Эпсиздик го кармай албоо бергенди.
Келечеги ачык эмес бүдөмүк,
Адаштырба, ара жолдо «кербенди».

Тарабыбыз аңдып турган кузгундар,
Күлүп коюп, келекени кургандар.
Жаттан эмес өздөн чыккан кошуна,
Жүзүн үйрүп, кол аркасын сунгандар.

Бизге эмес  алдуулукту куралы,
Эсте болсун жаштар жолду улаары.
Талап-тоноп манчыркасак дүйнөгө,
Кимге болот келечектин убалы?

Бир ууч элбиз чачындыдан калганы,
Ыдырасак моокумдары канбайбы.
Баарынан да бүтүндүгү өлкөмдүн,
Керектигин эң биринчи талдайлы.

## КЫРГЫЗДЫН КЫЗЫ СЫЙМЫКТУУ

*(Дүйнө сулуусу Р.Айгеримге)*

Суурулуп элден мен деген,
Кыйындар чыккан эзелтен.
Кыздары кыйын кыргыздын,
Намысты колдон бербеген.

Салымын кошуп сан кыздан,
Жаралган өңдүү таң нурдан.
Ажары ачып дүйнөнү,
Кош канат учту кыргыздан.

Келишкен бою керилип,
Суктанып көргөн берилип.
Жайнаган эрке кызыбыз,
Элимдин жүзүн билдирип.

Сыймыктуу арнап эмгегин,
Орундап элдин тилегин.
Ардактуу Ата Мекендин,
Көтөрүп кызыл желегин.

## ӨМҮР БЕРИП АДАМ КЫЛЫМ ЖАШАСА ДА

Карылык өз бийлигин кенен артып,
Өмүр берип адам сексен ашса дагы.
Ой-боюнан эч качан кетпейт кайтып,
Таяк кармап акырындап басса дагы:

Дайыма ойго кылт дейт алтын Апам,
Эскерип, кыялымды ичке катам.
Тээ илгерки жанымда бала кездей,
Эркелеп, жетелешип бирге бассам.

Тирүүлүктө убакыт өтөт экен,
Токсондо да жашоо сүрүү керек экен.
Эсимде наристедей тайраңдасам,
Чачым сылап апакем эркелеткен:

Жаным апам ар күнү эсимдесиң,
Билсем дагы кайрылып бир келбешиң.
Эне-бала жүрөгү бирден бүткөн,
Бейишинде каалаймын кейибешиң.

Жарыкчылык жоомарттанып тирүү коюп,
Карыдан жашаган бар жүзгө толуп.
Боркок тагып, тамак берген күндөр кана,
Ыйламсырайт көздөрү муңга толуп:

Адам өзү чыкса дагы канча жашка,
Эне алдында бала болуп али жашта.
Камкордугуң, мээримиң унута албай,
Кусалыгым чыгарам ыйлап жашка.

## АК МӨҢГҮНҮ КАРМАНАЙЛЫ МУРАСТАЙ

Ала Тоонун чокусунда ак мөңгүлөр,
Бул биз үчүн элим менин түптүүлөр.
Бейишим деп сыймыктанчуу жерибизде,
Тоо түздөрдө жашылданып түрдүүлөр.

Суулар кенен тирүүлүктө жашоого,
Каалагандай кенен койгон тандоого.
Жарык бизде каалаганча пайдалан,
Берекелүү суу кендерин кармоого.

Бизде белен мөңгү суусу бар үчүн,
Баркын билбөө келечеги тар үчүн.
Олку-солку жумшоо такыр оңдурбас,
Үнөөмдөөгө урунталы бар күчүн.

Кар (ысырап) кармаган сөссүздөн каарын тартат,
Келип-келип кезектеп жогун артат.
Токчулуктун тереңинде молчулук,
Үнөм карма пайдасы көп соопчулук.

Байлыктардан суу кенинде артыкчылык
Ачарчылык бар жерде суу каатчылык.
Ошондуктан биздин жерге кызыккан көп,
Бек туралы бизге керек намысчылдык.

Урпактардын келечеги биздин колдо,
Кандай алсак өткөрүүбүз бизге оң го.
Имерүү үчүн башка элдер ар амалдап,
Сак болойлу жаздырбайлы биз алдастап.

## ДЫБЫР-ДЫБЫР

Сырттан чыгат жамгыр үнү дыбыр-дыбыр,
Түн бир оокум ойлор келет кыбыр-кыбыр.
Аппак жааным өзгөртпөгөн үн нотасын,
Айтып келген, айта берет кылым-кылым.

Мага окшоп ойлор келсе нечен-нечен,
Алышкандыр рахат теребелден.
Ак чокулуу тоолорго эркелешип,
Мөңгү аралаш төккөндүр билбей ченем.

Талааларда гүлүн ачкан кооз гүлдөр,
Жүзүн чайып, сулууланып кебелбеген.
Дарак үстү суулар акса тарам-тарам,
Күпүйүшүп жактырганын сездирбеген.

Бутактарда отурушкан куштун түрү,
Басылыптыр үнү чыкбайт уру-чуру.
Ысык өтүп кыналганга бир-бирине,
Үнүн уга жамгырдын тартып уйку.

Кол чатырга бекинип карап-карап,
Көп күткөндүр бозойлор мүнөт санап.
Тосо чуркап калкалап чатырына,
Моокум кана сүйгөнүн жыттап-жыттап

## БАРДЫГЫ ЖАМГЫР МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН

Жер бетине эбегейсиз пайдасы бар,
Жамгыр жааса тазаланчуу кайдасы бар.
Мол түшүмдөн кырман толуп күзүндөсү,
Жаз жамгырын күтүшөт чарбасы бар .

Табигат бир-бирине байланышкан,
Жер жүрөгү суу менен майланышкан.
Азык алып өсүмдүктөр жер бетине,
Бой тартып ным аркылуу тамырлашкан.

Жаңылануу болуп турат тоо-таштарда,
Сулууланып келбетибиз көз- каштарда.
Жашообузда көбөйгөн тамак түрү,
Мол жайылат кенендеп той-аштарда

Асмандагы куш коноор учуп жүргөн,
Суу ичүүгө жерге түшүп булак көргөн.
Жер астынан чыгышаар жан-жаныбар,
Сууну карай тартылып ысык чөлдөн.

Баары, баары, бардыгы жамгыр менен,
Жамгыр, кардан жер үстүндө суулар кенен.
А суулардан бууланып булут каптап,
Жамгыр болуп, өтөттүр жерге терең.

## ӨТӨ БЕРЕТ ЫРГАГЫНДА

Бар нерсенин башы болот аягы да,
Ай жарымы жарык кийин караңгы да.
Төрөлгөндө жөрмөлөп, тай-тайласа,
Карыганда жөлөнөөрү таягы да.

Жалкоонун тиргилиги баягы да,
Салыштырсам көп болот сыягы да.
Эмгекчилдин жашоосу маанилүүдүр,
Дарак болоор тамырдын саясы да.

Жазуу үчүн баракка сыясы да,
Салыштырсам көп болот кыязы да.
Бир тууугандын ынтымагы түбөлүккө,
Жакыны жок камкорлошуп тураарыңа.

Ата-эненин бактысы бала үчүн,
Жөлөк болот турмушту туярына.
Тарбияны берүү үчүн балдарыңа,
Накыл сөздөр жардам берет тыңдаарына.

Өз баланддан жакыны жок жумшаарыңа,
Жакшы сөз жан эргитет тыңшаарыңа.
Камкор болсоң өмүрлүк жолдошуңа,
Андан башка күйөөрүң жок туярыңа.

Тарбияны берүүчү улуулар да,
Дүнүйөнү кармаган сулуулар да.
Эр азамат эл камын ойлоп келген,
Мекенимдин тынчтыгы сакчылар да.

Күз билинсе токчулуктун бир белгисин,
Туюнттураар жаз айдагы жамгыры да.
Той-тобурлар башталса күз айында,
Кышкы кардын сөз жетпейт пайдасына.

Аз болсо берекеси тапканында,
Сарамжалык өбөлгө пайдасына.
Дүйнөдө тынчтык болсо баарынанда,
Өтө берээр турмушуң ыргагында.

## ӨНҮГҮҮГӨ ӨНӨКТӨШКӨН АЙЫМДАР

Улутумдун мурастары сакталган,
Китептер көп, илим жактан жакталган.
Нечендеген журналдардын түрлөрү,
Газеталар алгач ирет баскандан.

Адабият, маданият чордону,
Маалыматты берет китеп колдогу.
Мекемелер, ишканалар тейленет,
Айыл чарба, окуу жайлар жогорку.

Китепкана илим - билим очогу,
Издегендин чыгат бардык топтому.
Атын алган облустук имарат,
Залкар ата Сатылганов Токтогул.

Жетекчиси Мырзаева Бактыгүл,
Уюштуруу жактан күчтүү, ишмердүү.
Салым кошкон маданият, агартуу,
Эжекемди айта алабыз сыймыктуу.

Иш алып барат кызматкерлер татыктуу,
Алдыңкылар иш жүргүзгөн сапаттуу.
Гуля, Динара, Гүлмира кыз, Гүлбарчын,
Бактыгүлдүн эмгектери эң барктуу.

Келип турат күндө жүздөп окуучу,
Студенттер, улуу муундар кадырман.
Өтүп турат иш чааралар сапаттуу.
Зал ичинде дайым толо окурман.

## МЕКЕН ТИРЕГИ

Кут болсун эгемен майрамыбыз,
Жаркырап аткан болсун таңдарыбыз.
Көкөлөп асманымда ак көгүчкөн,
Бактылуу өмүр сүрсүн балдарыбыз.

Мекенге тирек болуп уул-кыздары,
Өсүп-өнсүн бирдей болуп бар тарабы.
Упагыбыз үлгү алсын сыймык менен,
Чартактап гүлдөй берсин бутактары.

Уюткулуу кыргызымдын тарыхын,
Барктап , баалап билеличи баарысын.
Кылым кече нечен доорду өткөрүп,
Баалуулуктун жеткиришкен таасынын.

Баасыз өтмүш, баа берүүгө чабалбыз,
Улабасак жолубуздан таярбыз.
Мыйзамдарын жазып кеткен улуулар,
Айкыны ошол басып келген, басаарбыз.

## ЖАРАТКАНДЫН МЕРЧЕМИ

Муңканткан арман ыры жазылбасын,
Жүрөктөргө оору мизи сайылбасын.
Ак тойлордун чачыратып чачыласын,
Сүйүнүчтүн көз жашы тамчыласын.

Жашообуздун дөөлөт ташы өйдө кулап,
Ооматтар келе берсин бирден чубап.
Татыктуу кадыр таап эл ичинде,
Бизден кийин урпагыбыз кетсин улап.

Бул дүйнөнү курагандар сен менен мен,
Бизден мурун- болушат го кийинкилер.
Жашоо жүрөт, буга чейин жүрүп келген,
Пенде өзгөртпөйт, табышмактуу түбү терең.

Көз каранды биз экенбиз тирүү жандар,
Дүйнө өзөгү өзүбүздөн куралса да.
Жараткан өз мерчемин өзү билет,
Тагдырлар бешенеге жазылганда.

## ААЛАМ СЫЙГАН АЙЫМДАР

Биринен-бири өткөн сулуу айым,
Кыялдардан токуган ырды дайым.
Колундагы калеми сырдуу беле,
Чиймелесе кетирген көңүл тагын.

Аруу сезим, аруу тилек сиздерде,
Арнашпаган ыр саптарын кимдерге.
Эмгегинен баар тапкан ишмерлерди,
Даңазалап айтуу парыз биздерге.

Өрнөк болуп, үлгү болгон өткөндөр,
Акыл айтып, насааттарын төккөндөр.
Сыймык менен эскеребиз унутпай,
Өздөрү жок, оордулары бөксөргөн.

Калк жакшысын айтып келет ашырып,
Кемчиликти жоюлсун деп жашырып.
Акындардын аалам сиңип ичине,
Көз алдыдан өткөрөбүз батырып.

## ЫР КЕРБЕН

Куттук айтам ушул күндө баарыңарга,
Ыр кербендин таланттары арыбагыла.
Жашоо таттуу, таамын тата билгенге,
Жолугушуу жакындады чамдагыла.

Көгүлтүр көл көркко чыксын дагы да,
Жээкке карай толкун толкуп шарпыла.
Аккуу керип канаттарын каккылап,
Ак чарбактар суу үстүнө жайыла.

Өнөрпоздор жети дубан биригип,
Таймаш жүрүп, күчтүүлөрү терилип.
Салт катары өткөрөлү жылда улап,
Кызуулансын жан дүйнөбүз берилип.



## ЫСЫК КӨЛДӨ ФЕСТИВАЛЬ

Көл толкуп мактангансыйт мына бүгүн,
Шарпылдагы токтотбойт күн эмес түн.
Күндүзгү күн, түнкү ай да көңүл буруп,
Жымыңдаган жылдыздарда кубанган түр.

Кубулжутуп ырчылар да өзгөчөдүр,
Бир музыка миң кубулуп бөлүнүүдө.
Мелмилдеп демейдедей тынч жата албай,
Ыргак менен жээкке карай сүрүлүүдө.

Канат жайып ак куулар түгөйүнө,
Моюн созуп эргүү менен күүлөнүүдө.
Көлдүн бетин бербестен ак чардактар,
Музыканын коштоосунда үндөшүүдө.

Акындар жеткире албай кереметти,
Аягына чыгара албай сан ой кетти.
Асман карап суктанган Ысык-Көлдүн,
Таппай келем сырын терең чечмелешти.

## АКЫН БОЛОТ

Акын болот бирде көөдөк нарисге,
Боло калат жаш өспүрүм кезекте.
Түшүнбөйсүң токтоо тартып заматта,
Тоо томкоруп, жигин табат ар иште.

Жүрөк толкуйт, сүйүү арнаса наздана,
Сыр бербестен аста байкап кашкага.
Ырларынын көркү чыкпайт жазбаса,
Тамгалар да жан киргенсийт- башкача.

Олуябы астын ала билгендей,
Жазса болот, төп-төп баары келгендей.
Тамыр кармап, таптуулугун айткыдай,
Табыпбы дейм дили менен сезгендей.

Баштаганга көзү жеткен көсөмбү,
Акындардай жолуктурбайм сөзмөрдү.
Сууда сүзүп, айда учуп аралап,
Теңештирбейм, бул жандарга бөтөндү.

Насаат айткан ак сакалдуу карыя,
Урпактары жолун улап дайыма.
Кээде окшотом ак элечек энеге,
Мээрим менен бата берген жарыя.


Акындардын ар бир ыры өзгөчө,
Тастык менен дааналаган көрсөтө.
Мен аларды илимпозго окшотом,
Изилдеген купуяны көргөзө.

## АЯЛ КҮЧТҮҮ

Ак көйнөгү бойлоруна жарашкан,
Бул керемет суктандырып караткан.
Аял заты жашообуздун тамырын,
Урпак улап кылымдарга узарткан.

Аппак жоолук, ак элечек башында,
Шыңгыр үндүү чачбактары чачында.
Ак маралдай керилишип басышса,
Аалам көркү силерсиңер чынында.

Күчтүүлүгү турпатына камтылган,
Не бир түрдүү түйшүктөрдү жеңе алган.
Таразасын тагдыр жолдун кенебей,
Мээрим менен салмак ташын баса алган.



## КАСИЕТТҮҮ ЫСЫК-КӨЛҮМ

Касиетиңден айланайын Ысык-Көлүм,
Баары бирдей керемет эшик-төрүң.
Жүзүм сүртүп сыйынган ал бир чети,
Кыргыз үчүн жаралган баасыз энчи.

Ар бир тамчы бөлүнгөн ыйык көлдөн,
Океандын суусуна тең көрбөгөм .
Уюлгуган жээгиндеги күмүш кумдун,
Алтын кемдир теңебеймин бир бүдүрдөн.

Дем берген, кубат берген ден- соолукка,
Камкордугу ченегис ысык-суукка.
Суу , куму, желдей сокчу абасы да,
Баары дабаа себепкер тазалыкка.

Өзүң менен ыйык көлүм даңктанам,
Бүт ааламга сыймык менен мактанам.



## АСМАН КӨЛДҮ КЫЗГАНЫП

Көкмөк асман суктангандай көл бетине,
Окшоштугун айтаар бекен бир-бирине.
Көк көл бетин каптатбастан ак булутка,
Ыраа көрбөй айдаар бекен эрте-кечте.

Касиети жаралгандай асман үчүн,
Калкалоого жумшаар бекен бүт бар күчүн.
Көл энчиси ак куу менен ак чөлмөккө,
Же жумшайбы айдоо үчүн шамал күчүн.

Таң эртелеп кылактаган нурдуу күн,
Шоола чачып суктангандай берет түр.
Ай нурланып, жылдыздарда жымыңдап,
Кереметке кызыккандай ажайып түн.

Ысык-Көлүм сулуулардын сулуусу,
Ысык-Көлум улуулардын улуусу.

## КҮҮСҮ СЫРДУУ ЫСЫК-КӨЛ

Толкундар добуш сала жээкке карай,
Шарпылдап не бир укмуш күүнү чалат.
Ыргагы симфония миң бир кырдуу,
Айта албай турган өңдүү үнү сырдуу.

Күбө болгон кубанчына көп адамдын,
Арзышкандар ырдашкандай махабатын.
Же болбосо адашкандан эки жаштын,
Айтса керек ушул жерден табышканын.

Илкий басып келет бирде карыя,
Жөлөөрү жок, тагдырына таарына.
Баш кошууга себеп болгон Ысык-Көл,
Эми минтип түгөйүнөн айрыла.

Уул-кыздарын ээрчитишкен ата-эне,
Таазим кылат, балдарына бак берсе.
Ар кимиси өз жолдорун табышып,
Көрсөк дешет сүйүшөөргө небере.

Шаракташып жаштар келет ойногон,
Капары жок, кези оюнга тойбогон.
Көл суктанып шаңдуу күүлөп толкунун,
Жээкке урат көбүк суусун топтогон.

## ЖАНЫП ТУРАТ БИР ЖЫЛДЫЗ

Ак маралдай чыккан кезде буралып,
Сахна үстү жарк дей түшчү нурданып.
«Ах чиркин ай, адамдан да болобу»,
Көргөн адам көзүн албай суктанып.

Аткарылган чыгармада каарман,
Таттыбүбү энчисине айланган.
Чыккан кезде булуттар да сүрүлүп,
Таңдануудан тең бөлүндү чагылган.

Караганга бийкеч жүзүн кызыгып,
Чачырады ай жарыгы сызылып.
Бүт ааламды багындырган нурлуу күн,
Тумар болду бешенеге тагылып.

Асмандагы жайнап турган жылдыздын,
Катарына Таттыбүбү кошулду.
Чолпон жылдыз жанындагы түбөлүк,
Турганына чыгардык биз корутунду.

Жерде эмес, жайнап турган көктөгү,
Элин карай ыраазыдай түрдөгү.
Сулуулуктун, арууluktун символу,
« Мен аялмын» сыймыктануу жүздөгү.

# АРНОО ЫРЛАР

*Али эсте ар бир өткөн убакыт,*
*Балалыкта болот тура чоң бакыт.*
*Алтымыштын жолун карай бет алдык,*
*Классташтар жамандыктан бол сакыт.*

## АТА УУЛ

*(кл. Жолдошев Тобокелге.)*

Турмушту ар кыл тескеген,
Күчтүү го жашоо талаптуу.
Бардыгын оңго түптөгөн,
Мээнеткеч мырза кайраттуу.
Барк болбос эрге сыймыктуу,
«Ата Уул» – наамдан ардактуу.

Шайыр мүнөз, ак көңүл.
Сабыры күч тоого тең.
Баардыгын теңдеп караган.
Тууган-доско жароокер.
Куралган бакты бүлөөгө,
Камкор карап, боорукер.

Кудай кошкон зайыбын,
Айтпай койсом эп болбос.
Эптүү болсо жубайы,
Барктуу болоор манабы.
Токтоо мүнөз, меймандос,
Үйдүн куту аялы.

## АРДАКТУУ МЕДАЙЫМ

*(кл. Сарыбаева Бибигүлгө.)*

Сылык мүнөз, сыпаа кыз.
Дос -аяштар сыйлайбыз.
Секин сүйлөп, жылмайса.
Кызыгуу менен тыңдайбыз.

Үстүнө кийген ак халат,
Окшоп кетет пейилине.
Аталды «Ардак Медайым»,
Эмгеги сиңип элине.

Бакыттын кушун карматкан.
Суктантып элди караткан.
Вазир жакшы, хан жакшы,
Жан жолдошу Үсөнбай-Хан.

Жасаган иши болуп турган күжүрмөн.
Техника, мал-чарбасы өнүккөн.
Чапчыган жерден оргуштайт го Евро,
Алтын, күмүш, зерлер келет дүйүмдөн.

## ТЫҢ ЖИГИТ

*(кл. Шаматов Абылга.)*

Баарын тескеп алдыртан,
Иштин жолун бат тапкан.
Айылда фермер аталып,
Төрт түлүктөп мал баккан.
Гүлдөтүп койгон чарбасын,
Бүрдөгөн короо түр бактан.

Турмушта түгөй жарашса,
Курулат үй бакыттан.
Тың жигитти барктаган,
Акылы бийик зайыптан.
Илгертен аял жакшысын,
Билишкен сарамжалынан.

Айжаркын кошкон жубайы.
Билинген заты атынан.
Келим-кетим мейман көп,
Үйүнө пейиз чакырган.
Ыйбаа күчтүү байынан,
Кабак-каштан байкаган.

## БЕРЕКЕЛҮҮ АЙЫМ

*(кл. Козубаева Саипжамалга.)*

Көп кыздардын ичинен,
Токтоо мүнөз кыз эле.
Токуп - тигүү жагынан,
Тең келгени жок эле.

Барган жерин гүлдөткөн,
Берекелүү жар болгон.
Жайганы кенен дасторкон,
Кайын журт сынына толгон.

Ысык-суукка тоңдурбай,
Үлпүлдөтүп баккан ким.
Үйдө баарын камсыздайт.
Ал табарман жигит ким.

Жердеги көктү көксөгөн,
Асманда учкан куш болот.
Токой -бакты өстүргөн,
Урматтуу Алмаз - Бий болот.

## КҮЙҮМДҮҮ АТА

*(кл. Кудайбердиев Абдималикке)*

Арканды алыс таштаган.
Бизнести катуу баштаган.
Калктын кылып кызматын,
Эл ичинде барк тапкан.
Бакытка бөлөп бүлөөнү
«Күйүмдүү Ата» - наам алган.

Баркы бийик арада,
Жашаган жери калаада.
Кадырлап досту - тууганды,
Урматын коюп барктаган.
Нарктуу бүлө аталып,
Салтты бекем сактаган.

Алган жары жарашкан.
Жүзү турса нурданып,
Тамшанып элдер карашкан.
Токтоо мүнөз сыпаакер,
Көргөн көздү суктантып,
Айтса сөзү даана экен.

# КЕСИПКӨЙ ҮЙ-БҮЛӨ

*(кл. Исмаилова Айшага.)*

Байыркы элди тааныткан.
Ар түрдүү асыл буюм бар.
Көөнөрбөс уста жараткан,
Чопо, кайыш, жыгачтан.

Көйнөк болсо жибектен.
Шырдак кылган кийизден.
Булгаары зоот кийимдер,
Баатыр элди билгизген.

Жар салган улут энчисин,
Билимдүү кыз, иш билген.
Агылып келген туристти,
Маданий жактан тейлеген.

Балдарга түзүп келечек,
Тарбия берген бекемдеп.
Кадыр-барк берген ак эмгек.
Иштерман ата Бакытбек.

Эмгеги сиңип баар тапкан.
Байланыш жактан башкарган.
Мектеп салып, үй куруп,
Кесипкөй ар тараптан.

## ӨЗГӨЧӨ КЫЗ

*(кл. Абдыкасымова Нурийлага.)*

Мамилеси башкалардан өзгөчө.
Сый-сыпаты күч экен го өзгөгө.
Токтоо мүнөз, сүрдүү келген келбети,
Окуучулук мезгилинен көрөңгө,
Окшоп кетет, депутатка же төбөлгө.

Чуркап жүргөн жигиттерди теңге албай.
Канча улан сүрдөп колун сурабай.
Коңшу айылдан келген чыгаан Бегаалы,
Топ ичинен тандап кетти сулууну ай.

Бизнес ачып, үзүр көрүп эмгектен.
Өнөр-жайдын жеңил түрүн иштеткен.
Сый көрсөтөт тууган-урук, куда -сөөк,
Достук антты тутушканы бекемден,
Бак даарыган үй-бүлөө ошол себептен.

## ӨЖӨР КЫЗ

*(кл. Калчаева Кундузга.)*

Эмгектенип орустардын калаасында.
Карабастан иштеп ысык -суукка.
Билсең эгер өлкөбүзгө чоң салым.
Көп ичинде сен жөнөткөн маяна.

Өжөрлүгүң коё албаймын тан албай.
Койбойсуң сен иштин майын чыгармай.
Мээнетиң ак, эмгектенип жан үрөп,
Жеңилби же оор ишпи карабай.

Мейли досум аракеттен талбастан.
Эмгек өзү жаралат го максаттан.
Коллективде кадырың бар барк алган,
Иш үзүрүн билдик «Мактоо барактан».

Шайдоот кызсың куудулданып күлдүргөн.
Мүнөзүң бар ачык-айрым сүйлөгөн.
Курбу- курдаш белек алдык түрлөнтүп,
Берешендик бала кезден түптөлгөн.

## ФЕРМЕР КЫЗ

*(кл. Шерматова Замирага.)*

Жети өлчөп, бир кескен,
Токтоо мүнөз салмактуу.
Үйдө камкор , боорукер,
Чоң эне болгон, ардактуу.

Мал асылы жылкыны,
Аздектеп таптап саяпкер.
Короо-короо мал багып,
Береке тапкан эмгектен.

Айран, каймак, ысык нан,
Дастаркон жайып каршы алган.
Үйүнө келген мейманды,
Чооң ызаат менен сыйлаган.

Эмгеги элде бааланып,
Төш белгини тагынган.
Айылдын жүгүн көтөрүп,
Эли-журтка таанылган.

Төрөдөй кыз төркүнгө,
Жагып келген илгертен.
Келини, кызы айылдын,
Айттым ошол себептен.

## БААТЫР ЭНЕ

*(кл. Маткасымова Буайшага.)*

Жакшы окуган, тыкан жана тартиптүү.
Эки бөлүп, байлап аппак бантикти.
Сумка асынып мектеп көздөй баратса,
Көргөн адам токтой калчу бир саамга.

Суйкайган кыз көп жигитти тамшанткан.
Жетпей калган боз уландар сумсайган.
Бой жеткенде кол кармашкан сүйүүсү,
Айылдагы чыгаан жигит -жазуучу.

Бактылуу жашап жар болду залкар адамга.
Балдарды төрөп өстүрдү берип тарбия.
Убайын көргүн ардактап баккан жети уулдан.
Кут болсун ушул берилген бийик Баатыр наам.

## ЖЕКЕ ИШКЕР

*(Кл. Баетова Айгүлгө)*

Төрт тарабы келишкен.
Төрт түлүк малы семирген.
Ар тарабы Аска-зоо,
Тоолор турат менсинген.

Мөлтүр суусу шар аккан.
Абасы таза сергиткен.
Алай-Куум асыл жерим деп,
Бейиштей жерди жердеген.

Кайраты күчтүү кадырман,
«Кубаттан» кайын журт тапкан.
Барган жер баркын бек сактап,
«Өркөнүң өс» - деп бата алган.

Айтып кептин таасынын,
Чукугандай сөз тапкан.
Куюлтуп сөздүн накылын,
Көркөмдөп айтып сөз баккан.

Иштеген иши көп экен.
Айтылып келет-жеке ишкер.
Түрлөнтүп тиксе кийимди,
Мария Лопес тең бекен да,
Дольче и Габбана, Коко Шанель ким экен.

## САЛТТУУ АЙЫМ

*(кл. Көбөнова Айгүлгө)*

Этно буюм - тайымдарды өндүрүү,
Салт - санаабыз, үрп - адаттар маанилүү.
Жөрөлгөлөнү жөндөп алсак унутпай,
Улут болуп сакталууга таасирлүү.

Бул жагынан салым кошкон улутка,
Жандандырып, жол бербеген унутка.
Өздөштүрүп салттуу кийим - кечени,
Элибизди өздүгүнө бурушка.

Үй - бүлөлүк жеңилинен өнөр жай,
Аял, эркек кийимдери түргө бай.
Оймо оюп, сайган түрдүү саймасы,
Дүнүйөнүн төрт бурчуна таркады.

«Бренд» буюм кыргызымды тааныткан,
Кылымдардын нечендерин карыткан.
Салабаттуу улут кийим жарашып,
Үлгү алып, өзүн көргөн кызыккан.

Жазбай койсом болбос бала кездигин,
Эстөө үчүн тийгиземби кесирин.
Бою узун, эркектердей давердес,
Кыздар эмес, уулдун берчү таасирин.

Кара - Суугa барып пахта терчүбүз,
Жогор жактын милдетине көнчүбүз.
Билим жагын ойлонбогон учур ай...
Эртеден кеч планга деп төкчүбүз.

Алдыңкыбыз пахта терим жагынан,
Мактоо алып түшчү эмес тагынан.
Күжүрмөндүү, иш билгилик жактары,
Таасири бар, турмуш алды сабынан.

Өмүрлүк жар баш кошкону Аматжан,
Куда күтүп, дос тууганга кадырман.
Жетелеген неберелер көбөйүп,
Бактуу эшик, чырмалышкан тамырдан.

## ТЫКАН КЫЗ

*(кл. Муратова Гүлсайрага)*

Бала кездей өзгөрбөгөн курбум ай,
Ошондогу көп ичинен тыңдыгы ай.
Ак гольфасы, аппак кийген бут кийим,
Ак фартуктун сыны такыр бузулбай.

Бетин сылап, тарап дайым чачтарын,
Сүйлөгөндө серпип коюу каштарын.
Үйүндө да буюмдарын ирээттеп,
Тыкан кармап, билдирүүчү тазасын.

Сумкасына салып жүрчү чакан күзгү,
Каранып сылануучу чачын түрлүү.
Анда биз ачыгы билчү эмеспиз,
Сүйкүмдүү кыз, мамилеге болгон күчтүү.

Адам өзү калыптанат мектептен,
Тарбияны алган эне, эжейден.
Аяш эне айылдагы алдыңкы,
Аял эле, билем ошол себептен.

Азыркы учур бизге өтө маанилүү.
Токтоо тартып, мүнөзүбүз сабырлуу.
Дос - чарларбыз бирибизге кадырдан,
Азыр бизде үй - бүлөлүк катышуу.

Мамасадык укук жактан коргогон,
Бак орнотту тилегиндей болжогон.
Ата - энеге эң чоң бакыт эмеспи,
Неберенин ак тойлорун тойлогон.

## АКЫН КЫЗ

*(кл. Омошова Гульмирага)*

Ачык мүнөз, ай чырайы келишкен.
Пейли кенен, жүрсөң көңүл сергиткен.
Өзү тыкан, тазалыгын билгизип.
Жоомарт мүнөз, колу экен берешен.

Бардык жакшы сапаттарды ээлеген.
Жок го анда бир өзүңө келээр тең.
Уул-кызың жүрсүн сени кадырлап,
Узак өмүр, каалайм сага бекем дем.

Сүйлөйсүн сен калпып сөздүн каймагын.
Төгүп айтып, байытып сөз чарбагын.
Талыкпастан жазып ырлар тизмегин,
Курчуй берсин колуңдагы калемиң.

## ТӨГӨРӨГҮ ТӨП КЫЗ

*(кл. Оморова Бактыгүлгө)*

Арабыздан татынабыз, сулуубуз,
Келишимдүү ажарлуубуз, сындуубуз.
Спорт жактан волейболдон, баскетбол,
Чуркоодон да күлүк эле курбубуз.

Музыканын билүүчү көп түрлөрүн,
Магнитафондон уктуруучу үндөрүн.
Бийлегенбиз канчалаган майрамда,
Унутулгус окуучулук күндөрүм.

Билим жактан ат салдырбай башканы,
Аппак бантик чачка байлап такканы.
Математика, геометрия сабагын,
Черчения чийимдерин чакканы .

География сабагынан өзгөчө,
Карта менен глобустан көргөзө.
Мамлекет, суулар, түздүк, тоо кырка,
Аралдарды тез табычуу бөлгүзө.

Уюштуруу жактан өзү күчтүү эле,
Досу белен, ал жагынан түптүү эле.
Калыптанган мектептеги жөндөмү,
Калат тура, азыр дагы эптүү эле.

Бизнес жагын өнүктүрүп Казактан,
Ордун тапкан, ал жак майлуу, сүттүү эле.
Достук көпүрө куруп алып ортодо,
Казактарда орун - очок түптүү эле.

Куда күтүп, баш кошулуп бүлөгө,
Карым - катнаш чырмалышып күнүгө.
Тай жактары бир тууган эл казактан,
Уланганы небереден чөбөрө .

Кабат үйдү, куруп кенен дүкөндү,
Тилектештин иши жүрүп күрдөөлдү.
Бирде кыргыз, бирде казак элинде,
Алаканы түзүп алган жигердүү.

## БААРЫБЫЗГА ҮЛГҮ КЫЗ

*(кл. Эрмекбаева Г.)*

Назик мүнөз, суйкайган кыз ак жүздүү,
Көйнөк кийчү, жарашыктуу кооз гүлдүү.
Айылдагы бирге өскөн курбулар,
Бардык жактан алуучубуз үлгүнү.

Үйдүн ичин, таза кармап короону,
Кызыкчу эмес кыздар менен ойноону.
Сабак окуп, тамак - ашын дайындап,
Таң калчубуз, өстү билбей шоктонуу.

Билем эсте, чачы турчу кулпуруп,
Өрсө, түйсө эп келүүчү тик туруп.
Эжейлердей шашпай басып баратса,
Суктангандан, карачуубуз бурулуп.

Азыр башка, тартып турмуш кошунун,
Сарамдалдуу, тыкан кармап турмушун.
Дэериңди өзгөртө албайт турбайбы,
Кечсе дагы жылдар - жылга тогошун.

Конуш издеп, учкан сымал каркыра,
Кетет тура, буюрганга талпына.
Жарым жолдо, өмүр берсе кылымга,
Өйдөлөдүк тоонун чыгып кырына.

Табышканы өмүрлүк жар Аксыдан,
Берекелүү жерден кызыр даарыган.
Ак элечек таажы болду   кийгени,
Очор - бачар бакты тапкан Таалайдан.

## КАДЫР ТАПКАН КАЛКЫНАН

*(кл. Кудайбердиева Бүрапияга)*

Чоң аймактын акча жагын үнөмдөп,
Кирешенин булагын таап түр - түрлөп.
Кара - Кулжам  өнүгүүдө күн санап,
Улам жаңы бакчабызда бак бүрдөп.

Эмгек менен кошуп үлкөн салымын,
Эл ичинде тапкан белен кадырын.
Бир рече ирет төшкө тагып сыйлыгын,
Татыктуу кыз -  « Ардактуу айым» сыйынын.

Өмүрлүк  жар салык жагын тейлеген,
Өлкөбүздүн казынасын кеңдеген.
Райимбек мекемени жетектеп,
Аброюн билиндирген бийиктен.

Уул - кызды тарбиялап татыктуу,
Ынтымактуу,   бүлөө күткөн бактылуу.
Салабаттуу, жүрүш - туруш жагынан,
Ийгиликтин чоң сыры бар катылуу.

## ЭЖЕКЕМДИН КЛАССТАШ КУРБУЛАРЫ

Куттуу айылдын сулуулары суйкайган,
Достор жоктур бирге өскөн курбудай.
Секелек кез эске түшсө ойноо убак,
Чогулганда мезгил токтоп тургандай.

Катташышып тойлор менен аштарда,
Каткырышып чогуу жүрүп басканда.
Бир жүргөндөй айыл ичин аралап,
Чоң көчөдө бараткандай сабакка.

Бак арасы курулган аппак мектеп,
Баруучубуз шашылып билим дегдеп.
Катарынан отуруп парталарга,
Жазуучубуз эжей жазса доска тиктеп.

Айыл ичин аралап кыял менен,
Чогулганда тегеренип эстеп кенен.
«Аттиң ай ата-энебиз тирүү кезде,
Ойлобоппуз убакыт ченем белең».

Неберени сүйүп азыр бешенеден,
Бактылуулук арта берсин болбой ченем.
Төрдүн көркү силерсиздер эжекелер,
Сыймыктанып үлгү алчу синди деген.

Тарбиялап катарынан уул-кыздарды,
Аткардыңар ата-энелик бурчуңарды.
Жайнаңыздар- көп болсун жылмаюулар,
Бузулбасын ар дайым тобуңуздар.

# ТУРМУШ ЫРГАКТАРЫ



## КУРАГЫБЫЗ КУБАЛАП

Жылдар кетет бирин-бири кубалап,
Адам жашы жетпесе эмне тууралап.
А курак сен ээсиз кайда шашасың,
Зымырабай аста жүрчү аярлап.

Токтоо тартып баягыдай боло албай,
Бардыгына шар кетпестен чек бардай.
Тамылжыган кызыл тору ыраңым,
Өзгөрүлбөй калса эмне боз тартпай.

Ойноок көзүм өткүр эле сумсайбай,
Кундуз чачым калабы эми кулпурбай.
Сүйлөөр сөзүм обон кошуп койгондой,
Коңгуроодой кубулжучу булбулдай.

Кийген кийимим ачык өңдүү түс эле,
Басылганы кызыл, сары гүл эле.
Бутумдагы тыкылдаган таканын,
Кандайлыгым билиндирчү үн эле.

Башкалардай мага дагы келди окшойт,
Жүзүм дагы билдиргендей торлонот.
Шаңкылдаган шайыр-шаттуу мүнөзүм,
Ошол бойдон, моюн бербей шоктонот.

## БААРЫНАН ДА БИЙИК АДАМ ӨМҮРҮ

Баарынан да бийик адам өмүрү,
Назик болот аппак гүлдөй көңүлү.
Барктап, даңктап, бапестейбиз көтөрүп,
Өмүр сага оорундук бар төрдөгү.

Кубанычтын чексиз болсун өлчөмү,
Өмүр сенден улантылат жашоо көчү.
Бардык нерсе сага гана байланган,
Турмушумдун коздоочусу, көркөмү.

Кулак салгын, сөзүм менин оорундуу,
Тайиз эмес, улуу болгун толкундуу.
Эрте кетип адамдарды какшатпа,
Эң башкысы болсоң болду толумдуу.

Сапар узун, алдың карай түз баскын,
Жолуң чачкын болсо эгер тез тапкын.
Адашпай адамдарга байырлагын,
Келип жүрөт, көрүнтпөстөн ичке каткым.

## БАГЫТ БЕРГЕН БАГЫТ АГАЙ

Жалгыз дарак бак болбойт байкаганга,
Ыраазымын сиздер мени таптаганга.
Тайпабыздын акындарын баалайт элем,
Бийиктикте сапаттарын кармаганга.

Багыт агай багыт берип баарыбызга,
Жол көрсөтүп, таптап биздин далыбызга.
Ар бирибиз ар кесиптин ээлерибиз,
Бириккенбиз карабастан жашыбызга.

«Кайрыктар казынасы»бирикмебиз,
Таланттуулар тандалып бириккенбиз.
Ар кайсы мектептерден жылда түрлөп,
Кеңейүүдө, окуучу акындар көп.

Кулач жайып, Кыргызстандан чет жактарга,
Жаш акындар кошулууда арабызга.
Баарыбыз бир жакадан баш чыгарып,
Байланышып, кабардарбыз үн толкунда.

Дайра болуп кошулуп чоң деңизге,
Толкун болуп толкуй алсак жээктеринде.
Максатыбыз орундалаар келечекте,
Азыр биз бир тамчысы билгендерге.

## ИРГЕЛГЕН МАМИЛЕ

Билүү абзел баарынан көңүл кымбат,
Жакшы сөздөн кулпуруп чыгаар сымбат.
Адамдардын акылдуусу ичке жутуп,
Терендеп айтып келип изге салат.

Кээ бирлери оройлонуп каап сүйлөйт,
Сөз түркүнүн түшүнбөстөн үнүн күүлөйт.
Жанынан кеткичеңди шашыласың,
Сөз учугун бүтүрбөстөн он түрлөнөт.

Маанилүүсү иргелип мамиледен,
Көңүл ала сөз табат капилеттен.
Эс аласың баарлашып отуруудан,
Үлгү алып насааттуу таалиминен.

## ЫРААЗЫМЫН

Кыш мезгилби, күз мезгилби мерчеми,
Мага жаздай дайым жылуу демдери.
Ызгаар суук кычыраган деп угам,
Бирок сезбейм, жайдай турмуш илеби.

Өңгүл-дөңгүл түз эмес деп жолдорду,
Даттанышат жүрүү кыйын болжолдуу.
Тегиздигин дайым сезип келемин,
Тилеп келем, эч болбосун комдонуу.

Турмуш жолу ачуу, таттуу деп угам,
Түрдүүлүгүн билем ырас, мен туям.
Ушул жолдон тайдырба деп Кудайдан,
Шүгүр кылып, көккө колумду сунам.



## АЛСЫЗБЫЗ

Токто мезгил, жүгүрбөстөн абайлачы,
Тездебей бизге бир аз карайлачы.
Алсызмын артты көздөй бурулууга,
Кызыл өңүм тоюнуп карайынчы.

Суранамын убакыт шашылбачы,
Жебелериң тыныгып кагылсачы.
Өтүп кетет ал жетпейт жылдырбоого,
Курагымды бир азга кармасамчы.

Баарынан күчтүүлүгүң билем өмүр,
Баркың бийик, сүйүнтчү алып көңүл.
Пенделерди аячы, айкөлдүк кыл,
Кылым калып калганын кылгын төгүн.

## ТАЛАНТТУУ ЭЖЕКЕМЕ КУТТУК АЙТУУ

Кубанышып бүгүнкү күн ата-эне,
Кошулганга бүлөөсүнө нартисте.
Келечеги кең болуусун тилешип,
Өмүрүнө берсе экен деп береке.

Ал наристе бүгүн болгон байбиче,
Неберега чоң эне да, тай эне.
Алакандан суу ичээрге аз калды,
Жытын жыттап эркелетээр чебере.

Баштан өткөн окуясы икая,
Жазып келет толукталып чыгарма.
Адабият чордонунда орду бар,
Талыкпастан эмгек кылган калкыма.

Намыс-арды бийик тутат бек кармап,
Жөнөкөйлүк, боорукерлик бек сапат.
Көңүлчөөктүк урмат-сыйга жеткирген,
Көрүп келет жалпы журттан чоң ызат.

Асыл эжем ушунундан жазбагын,
Ыр түрмөгү калбасын сиз жазбаган.
Поэзия болсо сизге курдаштай,
Проза бар унуткарып калбаган.

## ТҮЗӨП АЛУУ АРАКЕТТЕН

Бардыгына шүгүрдүктү айтып келем,
Баалай билсек айланага жоктур ченем.
Бактылуу күндөрүбүз чексиз болсун,
Түзөп алуу ар адамга баглык белем.

Тирүүлүктүн түйшүгү түгөнбөстөн,
Шурудай тегеренип седептелген.
Рахатын турмуштун тута билүү,
Жашоо усулун бийикке жетектеген.

Бирибизди-бирибиз пир туталы,
Колдоо менен улам жаңы күч улайлы.

## БЕШЕНЕГЕ ЖАЗЫЛГАН

Муңканткан арман ыры жазылбасын,
Жүрөктөргө оору мизи сайылбасын.
Ак тойлордун чачыратып чачыласын,
Сүйүнүчтүн көз жашы тамчыласын.

Жашообуздун дөөлөт ташы өйдө кулап,
Ооматтар келе берсин бирден чубап.
Татыктуу кадыр таап эл ичинде,
Бизден кийин урпагыбыз кетсин улап.

Бул дүйнөнү курагандар сен менен мен,
Бизден мурун, болушат го кийинкилер.
Жашоо жүрөт, буга чейин жүрүп келген,
Пенде өзгөртпөйт табышмактуу түбү терең.

Көз каранды биз экенбиз тирүү жандар,
Дүйнө өзөгү өзүбүздөн куралса да.
Жараткан өз мерчемин өзү билет,
Тагдырлар бешенеге жазылган да.

## ТАЗА БОЛСУН ТЕГИБИЗ

Бул эмне деген жорук?
Чыкканбы башка томук.
«Кокуй, жээндер көбөйдү!
Кытайдан, Африкалык негрден».
Деп хай-хайды салчуубуз,
Ынандыкбы,
Сөзүбүзгө жээриген.

Аш-малтайы чыгып элибиздин,
Кертишип чекесинен жерибизди.
Эми эмне боло берет дедикпи,
Бирөөдөн алуучудай кегибизди.
Аялдарга боор оорубу жолду ачып,
Жок кылып сураштыруу тегибизди.

Болтуруу буга окшогон жосундарды,
Өзүбүзгө жасообуз тосундарды.
Бул кылыкты миң ойлосок туура келбейт,
Түз жолдон адаштыруу кошундарды.
Таза кандуу кыргыздар аралашып,
Түзүү эмеспи ар тараптан кошулганды.

Биз улутбуз эзелтеден ээрге конгон,
Эрлерибиз баатырлардан чептүү коргон.
Кыздары намыс бербей жоого аттанып,
Кезинде бешик термеп эне болгон.
Акылга кел! Улуу журтту адаштырбай,
Намыска кел маңкурттар- сезим соолгон.






2023/1/29 02:47


















İKA
- байыркы








Тулпарым токтоор тор таптым,
Капчыгай таптым, бел таптым,






Айсулуу
Кыз узатуу


УЛУТТУ ТААНЫТКАН-МАДАНИЯТЫ,
АНЫН КҮРӨӨ ТАМЫРЫ-АДАБИЯТЫ

## БААТЫРЛАРГА ТААЗИМ

*(Каргашалуу Баткен согушундагы жоокерлерге)*

Мууган туткан коңшубуздан атылган ок,
Бүт Кыргызды чочутту го тийгендей «ток».
Бейпил жаткан элге болгон бул каргаша,
Кан жуттуруп, калың журтту кылды зала.

Бул апаат күн үйлөр күйүп, түтөгөн,
Чуу түшүшкөн Баткен элим дүрбөлөң.
Октон качкан
Эне-бала, араң баскан карыбыз,
Үйүн таштап
Баш калкалап, тоого чыгып түнөгөн.

Дыйкан элбиз мээнет кылып күн кечкен,
Душмандардай куу-шумдукту билбеген.
Кайдыгерлик төбөлдөрдүн «муш» болду,
Душмандарга жерибизди тепсеткен.

Жапа чегип, кайгы тартып турган кез,
Миз кайтаруу баскынчыга болбос кеч.
Наристенин, каза тапкан балдардын,
Убалы урсун, койбербесин каны эч!


Учурдукпу көөдөктөрдүн чымын жанын?
Жаш чырпыктай өсүп турган өмүр жазын,
Кубалашып ойногон өрүкзардын,
Бүрдөсө, гүлү Силер ошол бактын.

Ыраазыбыз башын сайган Баатыр Жоокер,
Мекен үчүн жаныңды кылдың тобокел.
Кыргыз Элиң башын ийип таазим кылат,
Кабыл кылсын сени өстүргөн ата-энең.

Кыргыз жоокер – чепти бекем сактаган.
Кыргыз жоокер элин коргоп, жоо чапкан.
Сыймыктанам Баатыр Манас Уулдары,
Тайманбастан душманга тик караган.

Оо, элим кас астында көтөр башты!
Бербейбиз жер-суу эмес, катуу ташты!
Сабыр менен жеңиштерге жетишебиз,
Баарынан бийик коюп ынтымакты.

Биз эми бир муштумдай биригели,
Ташты капсын душмандардын дегдегени.
Сабак болду. Баары ыйык барктайлычы,
Жаратканым тартуу кылган бейиш жерди.



# ЖАНЫ СООГА МЕКЕН ҮЧҮН ЖООКЕРДИН

*(Баткен баатырлары)*

Гүлгүн жашта кызмат өтөп элине,
Жанды соога кылдың Ата-Мекенге.
Баатырларча душман менен күрөшүп,
Түбөлүккө калдың тарых бетинде.

Кырчын жаштар-уулдары элимдин,
Чептен бекем корудуңар жеримди.
Кандай оор улам бирден жоготуу,
Суук кабар жүрөк эзип кемирди.

Жанын сайып Мекенге деп кызматты,
Эрдик менен шейит кетип сыздатты.
Канча тилек, ой-максаттар бар эле,
Аткарылбай кетти бирге ичинде.

Баатырларым жашайсыңар биз менен,
Ата-Журттун тынчтык күнү Силерден.
Ойноп жүргөн наристелер күлкүсү,
Баары, баары, баарын билем Силер деп.

## СҮРӨТЧҮЛӨР ЖАНДУУ ТАРТСЫН СҮРӨТҮН

Сүрөтчүнүн сыйкыр саптуу калеми,
Жандуу кылып тартсын Баткен жергемди.
Катарынан тизилген өрүк багы,
Шамал күүгө термелип бийлегенди.

Боёк берип тартсын гүлдү тоодогу,
Жыты менен Айгүлүмдүн аңкыганын.
Кайталангыс бул ажайып сулуулукту,
Көрүшкөндө туристтердин табынганын.

Тартсын калем шаалы күрүч байлаганын,
Ак турпактын даны алды тандалганын.
Иштетилбей айыл чарба азыктары,
Арзан баада акталбай сатылганын.

Карап туруп кыймылына суктанышсын,
Талыкпаган эмгегине дыйкандардын.
Тоону омкоргон алдуу күчтүн эгеси,
Ак эмгектен алтын колдун кабарганын.

Эң башкысы ак пейилдүү адамдарды,
Узун ойлоп таштаган кадамдарды.
Учурдагы оор кырдаалды тарткың келбейт,
Мурдагыдай жашашса деп тынчтыктагы.

Көргөзүп тарт, билимдүүдөн жаштарды,
Жеңүүчү көп турган алды саптагы.
Кызыл тууну бийиктерге көтөргөн,
Келечекте Мекен үчүн кам көргөн.

Баары көрсүн чепте турган жоокерлерди,
Күн-түн дебей коргошушкан элди-жерди.
Көзүн арта кол салышкан душмандарды,
Кебелбестен бек турушуп жеңгендерди.



## МЕЗГИЛ САГА СУКТАНАМ

Мезгил жылат, өчөшкөндөй тыным албай,
Токтобой жете турган чеги бардай.
Өйдөлөтүп бирден жашты кошуп коюп,
Жетелейсиң өргө карай бизди алдай.

Тирүүлүктүн арабасын кылдыратып,
Баратабыз алга жыла сапар тартып.
Өзгөрбөгөн эки жагым көз чаптырсам,
Тоо-таштар, баягыдай суулар агып.

Билемин, ала турган маараң барды,
Ээрчитип жетегиңде алдууларды.
Калчап коюп кээ бирде алсыздарды,
Мерездене билинтпей чабаарыңды.

Эч бир адам жашабасын арман толуп,
Үмүт бер, калышпасын гүлдөй соолуп.
Суктантып, байырлабай зымырайсың,
Бүтпөй өмүр кайра чыкса күндөй болуп.

Мезгил сызат тыбырап күлүк аттай,
Канаттарын каккылап учкан куштай.
Чарчабаган, арыбаган өзүң сындуу,
Түбөлүктүү адам калса курак сактай.

## КЕЧИР МЕНИ ЖАН ДҮЙНӨМ

Кечир дүйнөм, өзүңдү баалабапмын,
Азгырылып, өзүмдү-өзүм талдабапмын.
Суурулуп чыгам деген күлүктү да,
Булкунтуп, саяпкердей таптабапмын.

Асыл кенди жетилтип багалбапмын,
Баркын билбей убагында казалбапмын.
Басынтып баш көтөртпөй колум менен,
Кечирилгис, буктурмада кармаганым.

Күкүм үйгөн уюгуна кумурскадай,
Милдеттүүдөй күн өткөрдүм убаралай.
Даңгыр жолум алга ачык турса дагы,
Өкүнткөнү баалабасым карайлабай.

Капаста кармаганым учаар кушту,
Убагында тута албасым берген кутту.
Булак көзүн ачпаганым атып чыгаар,
Аңкоолугум ашырылтты ичте букту.

Бара жатам майдалап арыш таштап,
Алымсынбай басыгыма багыт талдап.
Түз жолдон бийик тоого чыгам деген,
Оюм бар чарчабастан демди кармап.

## ЖАНЫП ТУРАТ БИР ЖЫЛДЫЗ

Ак маралдай чыккан кезде буралып,
Сахна үстү жарк дей түшчү нурданып.
«Ах чиркин ай, адамдан да болобу»,
Көргөн адам көзүн албай суктанып.

Аткарылган чыгармада каарман,
Таттыбүбү энчисине айланган.
Чыккан кезде булуттар да сүрүлүп,
Таңдануудан тең бөлүндү чагылган.

Караганга бийкеч жүзүн кызыгып,
Чачырады ай жарыгы сызылып.
Бүт ааламды багындырган нурлуу күн,
Тумар болду бешенеге тагылып.

Асмандагы жайнап турган жылдыздын,
Катарына Таттыбүбү кошулду.
Чолпон жылдыз жанындагы түбөлүк,
Турганына чыгардык биз корутунду.

Жерде эмес, жайнап турган көктөгү,
Элин карай ыраазыдай түрдөгү.
Сулуулуктун, аруулуктун символу,
« Мен аялмын» сыймыктануу жүздөгү.

## АЯГЫНДА БИР СЫРДЫ

Аккуу болуп Ысык Көлдө сүзөлү,
Бүркүттөрдөй аска - зоону түрөлү.
Шамал болуп океандын үстүндө,
Поэзия толкундарын түзөлү.

Түбөлүктүү арчалардай бүрдөйлү,
Жазалычы түркүн түстүү гүлдөрдү.
Чечмелейли булбул конгон эрте - кеч,
Бак шагында мукам чыккан үндөрдү.

Кыз -жигиттер кезигишкен түндөрдү,
Улам күтүп өтпөөчүдөй күндөрдү.
Жазбай койсом такыр эле окшобойт,
Жаз алдында көктөп турган бүрлөрдү.

Чиймелейин кышта аппак карларды,
Кыш чилдеде чайыт тийген таңдарды.
Арык суусу муз алдында мелмилдеп,
Шыргаландуу суу акырын акканды.

Молчулукту жазалычы күздөгү,
Жыйым - терим кызуу жүргөн түздөгү.
Пахта терим этек менен талаада,
Жер жайнаган термечилер жүргөндү.

Шыпыргыга терип боолоп бүргөндү,
Чөп орумда чапкы менен жүргөндү.

Чөп жыйноого чыккан кезим андагы,
Чөмөлөнү айры менен үйгөнду.

Айылдагы ат араба жүрүшүн,
Тоют жыйнап кышка камды көрүшүн.
Ээрчип алган ала дөбөт далбастап,
Мактангандай кээде чочуп үрүшүн.

Жазмакерлер жазалычы баарысын,
Жаш балдардын кубалашкан жарышын.
Бети - башы баткак болгон баланы,
Апасы издеп айыл этек табышын.

Бөлө албаган музоо уйду эмишин,
Саандан калган эне уулун кейишин.
Кечке ойноп апасынан корккон кыз,
Жыйноо үчүн шашып үйгө келишин.

Шок баланын класс бурчта турушун,
Короодогу эки - экиден урушун.
Жетекчиси ата - энесин чакыртты,
Балалык да «кечиргиле» сунушум.

Чана тепкен тоо этеги дөңсөөнү,
Балалыгым калган жерди көксөөнү.
Таш, топурак ача албаймын жолдогу,
Сыр жашырган, өмүрлөрдү көчтөгү.

## КЕЧ КЕЛГЕН ДҮЙНӨМ

Поэзия жан дүйнөм,
Кеч болсо да түптөлгөн.
Толуп-ташкан дарамет,
Чыгууларга чоң себеп.

Кайкып учуп кыялдар,
Төрт кыдырат ааламды.
Көз чаптырып баарына,
Кызуу берип саламды.

Саякаттап чабарман,
Мага олжону табарман.
Балалыкка барганда,
Кусалыктан чоң арман.

Ички туйгум тызылдап,
Кайран гана жаш курак.
Кайрып берээр болгондо,
Барктамакмын бар убак.

Жазуу үчүн сүйүүнү,
Ой-кыялым аруулан.
Аалам сырын чечүүгө,
Керек экен чоң дарман.

Колумдагы калемим,
Энчи болгон белегим.
Кош канаты серпилсе,
Асма-жерди челемин.

## ЧЫК-ЧЫК, ЧЫК-ЧЫК

Чыкылдаган убакыттар өтөт, кетет,
Чык - чык, чык - чык өргө карай жетелеген.
Минут жылды, саат жылды, өмүр жылды,
Токтобогон, адашпаган мерчеминен.

Күн өттү, жылдар өттү, өмүр өттү,
Өткөн күндөр баркталбай өксүттүрдү .
Жоготкон байлыгыңды тапса болот,
Мезгилдин кемтилгенин кантсе толот?

Жаз өттү, жайлар өттү, күздөр өттү,
Кыш мезгил жерге төшөп карын төктү.
Өткөн күндөр ак кар менен жуулганга,
Маанайлар көтөрүлүп, бирде чөктү.

Алышып турмуш менен алга карай,
Кызыксың ээ жашоо өзүң табышмактай.
Тирүүлүктө күрөшүп баратабыз,
Маареге жетүү үчүн жарышкандай .

## КЫРГЫЗ ОРДУ ЧОҢ ӨТҮМҮШ

Чет шаарлардан ачылыштар табылды,
Илимпоздор айтып чыкты баянды.
Кыргыз жоокер, баатырдыгы көрүнгөн,
Эстелиги олбур дене кең далы.

Сүрөтү бар «сыйлык» болгон төштөгү,
Демек орду чоң болгону көчтөгү.
Окумуштуу, тарыхчыбыз издесин,
Ал шаардан да сыр табылат «өздөгү».

Чыгат тура жашырылбай тарыхы,
Биз элденбиз айтылгандай байыркы.
Баш көтөрүп, кадам алга таштайлы,
Бабалардын жолун улап, барктайлы.

Кыргыз тарых- изилдесе көп кырдуу,
Казса чыгат далили мол көп сырдуу.
Туу туталы урпактары бел тутуп,
Уланталы баш көтөрүп сыймыктуу.

## БАЛАЛЫГЫМ ЖАШЫРЫНГАН АЙЫЛЫМ

Элет жердин керемети түгөнгүс,
Жакшы элестер узак калды көрүнгүс.
Сагынгандан ичим уйгу-туйгуда,
Аруу кезим бир өмүрлүк бөлүнгүс.

Балалыгым чыккан бийик тоолорго,
Жашыныптыр жеген өрүк короого.
Ойноп жүрчү көчөлөрдү аралап,
Пааналаптыр тал артында ойноого.

Балалыгым калган сайда көлмөдө,
Калтырыпбыз чабак атып жүргөндө.
Кечке маалдап үйгө карай шашылып,
Сайдан чыкчу кырлуу жолдуу дөңдөрдө.

Ак теректен, көк теректи чакырып,
Ойногон кез калган тура каткырып.
Ташты тизип, үйдү куруп ойногон,
Кыз - күйөөнү тойлогон кез камынып.


Топ таш ойноп, ойноок кыздар биригип,
Арык сууну көлчөк кылып киринип.
Ак чөлмөктү ойноочубуз түнүндө,
Суктанчуубуз жылдыз санап тигилип.

Мотурайып барган кезим биринчи,
«Эжекелеп»айткан ширин тилимчи.
Балалыгым жашырынган мектебим,
Көпкө тиктейм, кусалыгым билинди.

Ооба калган, калган менин баё кез,
Кеткен тура билинбестен өтүп тез.
Айылыма таазим кылам баш ийип,
Жалынсам да таба албайм эми эч.

Бал учурум калган менин үйүмдө,
Бактуу уям өзүнчө бир дүнүйө.
Бир туугандар чогуу жүргөн күнүмдү,
Алмаштырсам жылдарды ал мүнөткө.

Аттиң билдим, ата-энемдин кадырын,
Эстегенде зырп деп жүрөк тамырым.
Кетсе дагы узак жолго кайыгым,
Балалыкты сактап калган айылым.



## КӨҢҮЛ УЛОО

Адам кымбат кеп жазылган ырда эмес,
Наркы - берки сөздөр бизге тең эмес.
Анча - мынча өтө берет нерселер,
Көңүл улап, бир жүрүүгө кеч эмес.

Ооба, туура, биздей адам толтура,
Санай келсек батмак эмес кочушка.
Өзүңүздөн эч жамандык көрбөдүм,
Туугандык жак улоо керек болтура.

Мамилени түзүү эмес утурум,
Анда эле тууган тартат кусурун.
Али - пали сөздүн кулу болсок биз,
Анда эле соолутабыз чучугун.

Эре-төрө ала берсек болмушту,
Анда эмне ыргыттыкпы толмушту.
Колду силкип салуу бизге оңой иш,
Бирок кектөө - пастык болоор созушту.

Алды-артты кароо өзү маанилүү,
Узагынан көрө билген карылуу.
«Ийилгенге ийил сага кул эмес»,
Текеберлик күйгүзүүчү табы улуу.

Менин дагы көңүл калчу жайым бар,
Анткен болсом кайра жанбас табым бар.

Барктап алчу инсанды мен билемин,
Жакын болуу менин дагы тилегим.

Адам жашайт адам менен табыша,
Утурумдук болуу өзүнчө каргаша.
Ансыз деле турмуш өтөт нугунда,
Абзел эмес сөзсүз жүрүү жанаша.

Менде тартип - баалап алуу барктууну,
«Намыс» десе ала жүргөн чапкыны.
Ушундайчы көтөрүмдүү жагым бар,
Баарынан да бийик коём салттууну.

Мезгил өтөт, ар жыл сайын алмашып,
Курак дагы кетет экен жармашып.
Эмне жетсин учурларды учурбай,
Ынтымакта жашоо сүрсөк сырдашып.

«Ынтымактуу - ырышкерлүү болгула»,
Бардыгына айтылуучу ак бата.
Бул тилектин түпкүрүндө маңыз бар,
Орундатуу, болтурбоого миң ката.

## КЕНДИРДИ КЕСКЕН ТОЙЛОР

Жадабадык айта берип тойлорду,
Эсеби жок союлду деп койлорду,
Сырттан тапкан маңдай тердин акысы,
Чачуудабыз доллар менен сомдорду.

Чоң тойлордо жуптан артып жылкыны,
Союп, салып, казанда эт былкыды.
Табак менен келип стол бетине,
Мейман тоюп чучукка бир кылкыды.

Дасторкондо үйүлүптүр тамак - аш,
Чайкап алып, айлангандай кайран баш.
Үйгө карай көк пакетке салабыз,
Калган сымал бала - чака үйдө ач.

Ичимдиктер түрдүү күчтүү маркада,
Фонограмма ырдагандар сахнада.
Той ээсинен төлөнгөнгө карабай,
Көрүнүшүп чыгып акча сайганда.

Уюштурган оюнунда кезеги,
Эпсиздиктен оозго келип келмеси.
Көпчүлүктү капарына албастан,
Чоң аялдар, калышпаган эркеги.

Кийинишкен аялдардын кийими,
Баар жаңы бир - бирине билинди.
Сыртыбызда жаңылануу тана албайм,
А акылыбыз тайкыланып «киринди».

Бизде жалаң тойлор жана кийим деп,
Элибизге жеткире алгыс кыйын кеп.
Алга умтулуу - «цивилизация» орусча,
Жоктугунан баратабыз кечендеп.

Бизди бирөө адаштырып жолдордон,
Бараткандай ээриттирбей тондордон.
Алаксыган биздин кымбат учурлар,
Чалгаштыруу «бүтүндүктүү» болгондон.



## ЖЫҢАЛАЙЛАК ЧУРКАМАКМЫН АЯЗДА

Ооба мен да кыш мезгилди андагы,
Сагынганмын чана тепкен кардагы.
Балалыгым эске түшөт ар ирет,
Аппак кардын күчтүү беле зардабы.

Кыш чилденин сезбептирбиз суугун,
Аруулуктан сезимибиз тунугун.
Аттиң, аттиң коштоп алып кетиптир,
Уурдатыппыз балалыктын тутумун.

Кымбатына баа жетпеген учурум,
Жылдар менен баарын бирдей учурдум.
Кыялымда чыгам жылда кар малтап,
Мен эле эмес, каалайт менин туюмум.

Көк муштумдай көгөргөнбүз сууктан,
Сонун кезим - кыялдарым буулуккан.
Берсе эгер, бир ирмемди андагы,
Жыңалайлак изим калмак кардагы.

Ары - бери чуркамакмын аязда,
Ойномокмун катуу үшүп алганча.
Кетпегендей бир өмүрлүк жылуулук,
Колду ысытып үйлөмөкмүн балача.

## КЫЯЛ КЕНИ ТҮГӨНБӨГӨН БИР КЫЗ БАР

Ыр түрмөгүн узарттырып кыргыздан,
Акын чыкты чубап, улап жылдыздан.
Улам жаңы ачылышты жасаган ,
Артык чыкпас серелеген тың кыздан.

Жазгандарын окуу өзү ырахат,
Маани терең, мага каршы ким чыгат.
Ыр музасы өзүнчө эле куюлган,
Кереметти билгендерден ким танат?

Ыр салмагын таразанын ташынан,
Билүү оңой көрсөтүлгөн салмактан.
Акындардын ырлар чыгат көп түрдүү,
Арасынан акындыгын таанытkан.

Ортосунан оргуштаган деңиздей,
Толкун чайкайт күндү-түндүр дегизбей.
Окурмандар күтөт жаңы туюмду,
Кен болбостур, акыл - ойдун кениндей.

Кыял кени түгөнбөгөн бир кыз бар,
Табышмагы магниттей тартылаар.
Ыр окусаң, күүлөр келет коштогон,
Обологон обон менен жаңыртаар.

## ААЛАМДЫ КАРМАГАН СҮЙҮҮ

Көңүлдүн шаттуусу-сүйүү,
Турмуштун таттуусу-сүйүү.
Жүрөккө бүлүктү салган,
Эки жаш арзуусу-сүйүү.

Эненин мээрими -сүйүү,
Баланын ширини- сүйүү.
Ынтымак-ырышкер үйдө,
Түгөйгө ишеним -сүйүү.

Табийгат кооздугу-сүйүү,
Көңүлдүн токтугу -сүйүү.
Бейпилдик өкүмүн сүргөн,
Тынчтыктын болгону-сүйүү.

Ачылган гүлдөрдө-сүйүү,
Жылдыздуу түндөрдө-сүйүү.
Мелмилдеп менсинип турган,
Жай аккан көлдөрдө-сүйүү.

Ак мөңгү тоолорго сүйүү,
Жалаң төш зоолорго сүйүү.
Тазадан тымызын аккан,
Булактуу коолорго сүйүү.

Пейилдин кеңдиги-сүйүү,
Укуктун теңдиги-сүйүү.
Оордукка мертинбей турган,
Белиңдин бектиги- сүйүү.

Ата-эне өзүңдө сүйүү,
Бактылуу өмүрдө-сүйүү.
Ар дайым арка бел тутаар,
Бир тууган бир боордо-сүйүү.

Улуудан элиме сүйүү,
Бейиштей жериме сүйүү.
Ыйыктап аярлап турган,
Меккедей Мекенге сүйүү.

Ааламды кармаган- сүйүү,
Өтмүштү барктаган- сүйүү.
Келечек бүтүмү үчүн,
Жаштарды таптаган- сүйүү.

## АЗДЕКТЕЛГЕН АРЗУУ

Келчи жаным баягыдай бололу,
Азап болду кусалыктан толгонуу.
Керек эмес мага сенден көп нерсе,
Мээрим менен карап койсоң болгону.

Кол кармашып бирге баскан күндөрдү,
Сагындым мен таңды атырган түндөрдү.
Жылдыздар да жымыңдаган асманда,
Уясына жашынышчу кайтаарда.

Биз жамгырда пааналучу чоң дарак,
Жоктодубу шуулдады жалбырак.
Укчу эле кулак төшөп тымызын,
Жолтоо болбой ак сүйүүгө табыркап.

Бассак таштар жолубузду тегиздеп,
Куштар дагы уччу эле эгиздеп.
Аккан суунун шарпылдагы билинбей,
Баары-баары коштоп турчу бизди деп.

Биздин сүйүү элдикинен башкача,
Табериктей туткан элек таптаза.
Табыштырат, күдөрүмдү үзбөймүн,
Ишенемин аздектелген арзууга.

## АКЫН АГАМА

Жазба десе жеңем ырды токтотуп,
Койгонуңуз такыр болбос жоктотуп.
Чачылоодон сүйүү сыры чачылбай,
Сырдуу сандык калмак беле ачылбай.

Сулууларды кыя албай жүрөгүңүз,
Садагага чаап салып жүрүптүрсүз.
Бир ордунда турбаган өткүр жигит,
Улам бирди жандоого көнүптүрсүз.

Жалындаган жалын чаччу убактар,
Мизи учтуу, кайра кайтпас курактар.
Чачты серпип, бой келбетти түзөгөн,
Сизге болгон бийкечтер да кызыкдар.

Жаза бериң кумарлана окуйлу,
Сизге карай биз ырларды токуйлу.
Лириканын улам жаңы барагын,
Ача берүү окурманга кызыктуу.

Сүйүү өзү сезимдерге аруулук,
Жаратуучу мына башкы сулуулук.
Назы менен бозойлорду тамшанткан,
Кыздарда бар арбап алчу каруулук.

## ОЙ ЧАБЫТТАЙТ МИҢ ТҮРЛҮҮ

Поэзия чөлкөмүндө бал тилдүү,
Адам жашайт жан дүйнөсү миң түрлүү.
Акындарда өзгөчө бир касиет,
Эпке келген ар бир айткан сөз пирлүү.

Ымдаштырып ысык чөлгө суу төккөн,
Кум үстүнө кызыл- тазыл гүл өскөн.
Бош абага байлап алып арканды,
Кыздар ойноп селкинчекте күүлөшкөн.

Ат жалында шамал менен жарышып,
Кыз куумайда селки бозой табышып.
Олоң чачы таралганда шамалга,
Жигит кургур алоолонгон жалынга.

Көл бетинде ак кууларда моюндап,
Бийлегенге чардак карайт табыркап.
Толкундарда кубалашып ойношот,
Ары - бери жээкке ургулап чабыттап.

Түбөлүктүү тоолор бирин жетектеп,
Демейдедей көктө асман менсинет.
Ар жыл сайын ысык жакка жол алып,
Куштар учуп, баштоочусун ээрчишет.

Бүркүт конуп, аска бетин уялап,
Балапаны кыш мезгилде уча алат.
Өткүр көзү узак жактан олжону,
Байкагандан октой түшүп тута алат.

Жалындаган кызыл отту бийлетип,
Ылай сууну тунуктата тездетип.
Кыялында чабыттаган түптүүлүк,
Жаратуучу касиети күчтүүлүк.

Жансыздарда кыймылдашат жан кирип,
Сүйлөттүрүп каалагандай үн берип.
Акындарды жаратуучу деп билем,
Калбайт чыгаар өткөрбөгөн бир челип.

# ЖӨНӨКӨЙ КЫЗМЫН КЫРГЫЗДЫН

Мен жөнөкөй кыргызымдын кызымын,
Туулган жерде өтөлөгөн турмушун.
Тирүүлүктө баары кымбат мен үчүн,
Кабылдаган кандай болсо турушун.

Мага макул, керек эмес дүнүйө,
Жашап келем шүгүр айтып күнүгө.
Бейпил жатып , эрте таңдан тосомун,
Таазим этип нурун чачкан күнүмө.

Үй -бүлөөмө, тууганыма, элиме,
Мага буюруп жашап келген жериме.
Кучагында эң бактылуу сеземин,
Кубангандан батпай келем териме.

## АКЫНДАРДЫН ДҮЙНӨСҮ

Ойлор келет бирин - бири кубалап,
Саптар чууруп улам - улам тууралап.
Чексиздикти билсе дагы маарага,
Боз тулпарды жетем менен чапкылап.

Албууттанып бирде жарык ,бир бүркөө,
Асман ачык, булут кеткен сүрүлө.
Чамгарактап шамал айдап заматта,
Күн кылактап чыга калат нур төгө.

Мына ушундай акындардын кабагы,
Ыр дүйнөдө жашап алган сыягы.
Жаш баладай тазалыктан жүрөгү,
Кубанычка үстөмдөтпөйт санааны.

Тоодой бийик тоскоолдукту жеңе алган,
Кужүрмөндүү кара жанын карч урган.
Адилеттик туусун көккө көтөрүп,
Калыстыгы - чындык үчүн бет алган.

## БИЛЕ ЖҮР

Бактылуулук - бирөө үчүн керектигиң,
Бак орноо үчүн ынтымактын себептигин.
Балдар үчүн эң биринчи камкор болгон,
Опол тоодой ата - эненин тиректигин.

Билектен да билими күчтүүлөрдүн,
Келечекке жолу ачык түптүүлөрдүн.
Саат санап ылдамдыкта өнүгүүдө,
Заманы келген тура ээндүүлөрдүн.

Оору сымал жугуп турат кектүүлөрдүн,
Оордугу жүк түшүрөт жектүүлөрдүн.
Жакшы менен жанашсаң жашооңордо,
Себеп болуп ооматы артат, тектүүлөрдүн.

Дүйнөнүн сырлары көп биз билбеген,
Биле алсак, кымбат турат зар дилдеден.
Табабыз көптү көргөн карылардан,
Маектешсек аста отуруп чын дилдерден.

Назарга ала, уга жүрсөк карыяны,
Насааттары бизге берет тарбияны.
Кээде окуп, таппаган табышмактуу,
Көптү көргөн айтып берет сырдананы.

## ЧОҢ КУТУ БАР КИЧИНЕКЕЙ ҮЙҮМДҮН

Жөнөкөй үй бак ичине оролгон,
Биздин конуш бир туугандар торолгон.
Айылдагы балапандуу уячам,
Ата-энемин мээримине жык толгон.

Алмашпаймын кабатталган чоң үйгө,
Күн кылактап нурун төкчү күнүгө.
Асмандагы жылдыздар да биригип,
Ай жарыгы шыңаалачу түндүккө.

Кут байырлап айылдагы үйүмө,
Себеп болчу атам тагы төрүмдө.
Тандыр орду апам жапкан кызартып,
Элестетет нан сунгандай көзүмө.

Жүрөгүмдүн бир бөлүгү али да,
Айылдагы кичинекей тамымда.
Ал анткени баары түгөл биригип,
Бир туугандар ата - энемдин жанында.

## АТА-ЭНЕҢЕ РАХМАТ

Сени өстүргөн ата - энеңе рахмат,
Ушул сөздө не бир деген «сый» жатат.
Наамдардын бийигинен - бийиги,
Эл алкоодон бир өмүргө даңк алат.

Бактылуулук тартуулады эне үчүн,
Актаганы баласынын ак сүтүн.
Көңүлү өсүп, көк асманга жетпейби,
Кызмат кылса жумшап элге бар күчүн.

Ата сырдуу сүйүнгөндөн мулуңдап,
Тарбиясы берген ишенич актап.
«Мээнет менен жеткин бийиктиктерге»,
Осуятын уулу турат тастыктап.

Ата уулдары мына ушундай даңкталат,
Адилеттүү эл кызматын аркалап.
Баарынан да күчтүү сыйлык эмеспи,
Эл кадырлап, даңкы чыгып, из калат.

## КАНАТ БҮТКӨН АКЫНГА

Мекендеген поэзия чөлкөмүн,
Ысык - суугу жагып ошол өлкөнүн.
Аралында жалгыздыкта кыялдай,
Акындарга канат бүтүп жүргөнүн.

Кээде чыгып Жеңиш тоонун башына,
Сарасепти салат дүрбү салына.
Бүт ааламды алаканга салгандай,
Аппак муздан маржан шуру тагына.

Андан ары түнкү айга умтула,
Калем сабын улам учтап курчута.
Жүрөгүнө сактап атын бир -бирден,
Сан жылдызды билүү үчүн каныга.



## МУҢКАНБАГЫН АКЫН КЫЗ

Али жашсың карыдым деп муңканба,
Бир чоң бүлө бак бакчасын курсаңда.
Келет кийин карылыгың кадырман,
Ушул кезди - айткан кезиң «жаштык да».

Ойду омкор жаштык табың кетелек,
Орто жашың улгайганга секелек.
Поэзия очогунда алоолоп,
Айда учуруң, ыр ээрчиткин жетелеп.

Түгөнбөгөн аруулукту бөбөктөн,
Акынга сөз айтылуучу түрмөктөн.
Бүтпөс тема, арзышкандар сүйүүдөн,
Болгон болсун жүрөк отун күйгүзгөн.

Тема үчүн ар бир жашоо сызыгы,
Жаралуучу ой - толгоонун кызыгы.
Илимпоздой изилдегин барыны,
Табигаттын ача жазгын сырыны.

## БАРЫН БАРКТА

Жашооңдо эмнең болсо барын баркта,
Бакытың асыл башың амандыкта.
Кол сунуп болбогонго умтулбагын,
Шүгүр кылып жашай билүү ырахатта.

Атаа кылган айлананда баарын саган,
Мен ойлоймун мындан артык эмне маган.
Үй-бүлөөм бар, жакындарым тууган - урук,
Дос-чарларым ылайыктыр менин тапкан.

Барын баркта  баш байлаган өмүрлүк жар,
Кадырына жетпегендер болоттур кар.
Билип туруп кошот дейт өзүңө тең,
Аша чапсаң адаштырат көп бурумдар.

Кар кармасаң кайрадан болосуң зар,
Сабак болчу жашоонун мыйзамы бар.
Текеберлик, напсини агыттырган,
Азаптанаар колдо бакты барктабаган.

## СЫРДУУ КУМУРА

Суктангандан карап турдум буюмду,
Сыйкырчыдай арбап алды туюмду.
Баалап турдум чебер уста жасаган,
Тегереттим чийим менен колумду.

Көз алдымда турду кооз кумура,
Чопо шилеп жасалганы нукура.
Текчесинде турду музей төрүндө,
Кирсең тартат, башкалардан көрүнө.

Мага кызык уста эмнени ойлонду,
Жасаарында ал эмнени болжоду.
Кумуранын иймек мойнун жасаарда,
Аяр сылап, элестетип колдору.

Оймолору тизген тегиз маржабы,
Окшоштурбай тарткан чыгаар канчаны.
Бар калыбын ыраа көрүп сүйүүгө,
Түрдүү түстө болгон чыгаар такканы.

Мээрим менен анык сүрөт тартканы,
Арзуу ырынын кошулгандай саптары.
Же бозойдун армандаган нотасы,
Кисти улам окшоштура басканы.

Анык болгон ак перидей сүйгөнү,
Бекер эмес сүрөтчүнүн күйгөнү.
Нечен жолу жасагандыр кайталап,
Табам менен тизилгендир түрлөрү.

Көрөөр замат туйдум сырды катканын,
Далай жылды артка таштай чапканын.
Калыбында ыйык сезим камтылган,
Биз билбеген баалуулуктун жатканын.

## МАГА КЕРЕК

Керек эмес мага ашыкча убайым,
Турмуш жолум «табериктей» улайын.
Арууланган жүрөгүмдү калкалап,
Үй-бүлөмдүн бактысы үчүн сунайын.

Керек эмес мага ашыкча байлыктын,
Ушул жашоо мага ылайык, каныктым.
Бар байлыгым бир тууганым, балдарым,
Түгөйүм бар, жан шериги жанымдын.

Керек эмес көп сандагы достордун,
Эки жүздүү, көңүлдөрү боштордун.
Акыреттик достон болсо болгонум,
Арасынан табыркалап болжодум.

## БИР

Бир аткан таң жашоо берет канчага,
Баш ийбеске аргасы жок тагдырга.
Бир өмүр бар бир жашоону камтыган,
Жашаш үчүн түркүн жолду бастырган.

Бир гана жол учу-кыйры көрүнбөй,
Алып жөнөйт узактарга бөлүнбөй.
Бир Ата - Журт киндик каның төгүлгөн,
Табынасың жерге бейиш төрүндөй.

Бир ата-эне сени багып чоңойткон,
Бир өмүрдү өзүң үчүн короткон.
Перзенттериң тиккен бактуу саябан,
Урпагыңды улап барып көбөйткөн.

Бир гана суу кубат берет тирүүгө,
Жерилбестен азык болчу күнүгө.
Жан-жаныбар узактардан басып жол,
Чөлдө дагы кудук издеп сүрүлө.

Бир гана аба кошулбаган бөлөккө,
Калкыйт жер да, материктүү көлөкө.
Изилденбей канчалаган сыр жатат,
Бир чексиздик - бир ааламдыр сөздүктө.

Биз сыйынчу, сураныччу бирөөдүр,
Жаратканга жалынуучу Сүрөөдүр.

## МИГРАНТТАР ЖҮРҮШҮ

Жеңил эмес тагдыр жолго түшүп алып,
Бөтөндөрдөрдүн ариясын күүгө салып.
Бара жатат топ күчтөр өкүнүчтүү,
Аргасыздан чоочун жерде жүрүш алып.

Кайыл болуп замандын агымына,
Калган өмүр таканчыктап жарымына.
Кантсе да мекенине кайтам деген,
Асыл оюн жүгүрттүрүп тамырына.

Жабыркаган ден соолугу канчасынын,
Эс алуусуз күн өткөргөн аптасынын.
Бергендер көп, бекем уучтап кырчын жанын,
Оор жумуштан чалган өз курмандыгын.

Изги тилек, Мекенине кайтса деген,
Ойлонушуу мезгил келди билсек тереӊ.
Чачылгандар, жыйналалы осуяттай,
Ынтымакка чакырмакка белги белен.

## БАРКЫН БИЙИК КӨТӨРӨЛҮ ЖАШТАРДЫН

Жаштарыбыз келечектин ээлери,
Бизге маалым алмашуучу кезеги.
Илим - билим алуу үчүн балдарга,
Жол көрсөтүү эң башкысы керегі.

Биздин элге «дуу» көтөрчү чоң сунуш,
Колдоп кетүү түптөнүүгө чоң жумуш.
Акча табуу - жүгүн арттык балдарга,
Бөгөт болбой, биздин милдет шарт куруш.

Ата-энелер ойлобосок ким ойлойт,
Жүрө берсек шапар тээп биз тойлоп.
Купуя эмес, күчтүү сактоо улутту,
Күчтүү коомго өткөрүүбүз кош колдоп.

Баркын бийик көтөрөлү жаштардын,
Туу астында бириктирсин баштарын.
Көмөктөшүп башчыбызга ар тарап,
Өнүгүүдө көрсөтүшсүн таптарын.

## БААЛАЙЛЫ

Дагы бир таң атканына сүйүнүп,
Анткен менен өттү бир күн түрүлүп.
Ушул тура тирүүлүктүн жагдайы,
Кеткен күнгө кол булгалап түңүлүп.

А убакыт токтобостон сур күлүк,
Алдастатып, бизди кошо жүгүртүп.
Тарткынчыктап абайла деп сурансак,
Жол улады мыйыгынан бир күлүп.

Асман турат, жер да турат, тоо, суу да,
Күндүзгү күн, түнкүсүн ай, жылдызда.
Баары, баары баягыдай кебелбейт,
Өзгөрүүлөр болуп келген жандууда.

Баарынан да күчтүү тура убакыт,
Өткөн күндү баалап жашоо бул бакыт.
Кымбаттыгын мүнөттөрдүн сезгенче,
Жашайлычы бир өмүргө улантып.

## БИЗДЕ КҮНӨӨ ЧАБАЛ БОЛСО УРПАКТАР

Улутту барктайлычы терең баалай,
Урпактарга жол туталы карайлабай .
Байлык жыймай бизге бир «оору» болду,
Сактыгына балдардын көңүл бурбай .

Оору түрү көбөйүп элибизде,
Жабыр болду ден соолуктай кенчибизде.
Өкүнүчтүү дарылануу көбөйүүдө,
Көз карайлап, айласыздан чет элдерде.

Баш себеби кендир кескен кайдыгерлик,
Бардыгына көз жумган кенебестик.
Бөгөттөөгө учур келди замандаштар,
Ойрон болсун оңбогон текеберлик.

Сырттан кирет эсепсиз тамак - аштар,
Деги ким бар текшерип аны талдаар.
Байлыгың балдардан да артык беле,
Кудай ургур, акчаны бел туткандар.

Бала бакча, мектептин алдындагы,
Сатуучулар кара өзгөй катардагы.
Дүңүнөн товар ташып жанталпастап,
Кытайды байыткандар базардагы.

Пайдаңар тийбесе да зыян кылбай,
Келечекке көз жүгүрткүн акыл талдай.

Урпактарды чабалдантып бараткаңың,
Өзүңдү - өзүң билгин аңга салмай.

Тарбиячы, мугалимдер ар тараптуу,
Түшүндүрүү иш керек кең жайылтуу.
Жарналамалар илинип дүкөндөргө,
Сатуучуга каралсын иш «айыптуу».

Билдирейин дегеним мен ырым менен,
Бөлүшүүнү туура көрдүм сырым менен.
Идиш жуучу каражатта жаман илдет,
Талдай билгин, химиялуу оору белен.

Бизге азык  өзүбүздүн тамак - аштар,
Акты ичип дене бойду тазаланткан.
Ар бир үйдө энелерге күмүш сырга,
Арылайлы балдар үчүн жалкоолуктан.

Кафе, ресторан бизге бир мода болду,
Жеп бүтүрөт татымалы ден соолукту.
Берекени чакырчу кара казан,
Учурдагы көйгөйүбүз сабак болду.

Жапа тырмак киришүүчү мезгил келди,
Кайрадан ырдалбасын « Көкөй кести».
Четте карап туруучу учур эмес,
Түптүү болсун улуттун келечеги.

Күчтүү улуттан таралат - күчтүү урпактар,
Тута билүү бизге абзел түп сапаттар.
Кыргыз болгон олбур дене, баатыр мүнөз,
Өстүрүүчү бизге эмес суу чабактар.

## ТЕРЕК ТИЛЕГИ

Биз жолукчу Чынар терек картайып,
Калыңдаптыр кабыктары карт алып.
Сыдырым жел күүлөгөндө ойноочу,
Шуудурагы сыбызгыдай муң салып.

Аяр кармап сылагылап теректи,
Кучак жайып эндеп турду билекти.
Эски достой сыр төркүнүн сездирип,
Ойлуу жүзү ачыктады себепти.

Баарын сезип, аяйт терек көшүлүп,
Айыптады таш боор тагдыр сенекти.
Эң бактылуу жандар эле андагы,
Кош жүрөктүн бөлүнүүсү керекпи ?!

«Картайыптыр» элестетти жигитти,
Ойлуу жүзү сыныкканын билинтти.
Кеч болсо да жанга түгөй табылсын,
Бариктери айтып турду тилекти.

# ООЗУРУГУН ТАРТАЙЫН УЧУРУМДУН

Балдай таттуу балалыгым бакытымсың,
Аруулуктун, баёолуктун калысысың.
Жүрөгүмдүн төрүнөн үнү угулат,
Ата - энемдин эркелеткен дабышынын.

Жаштыгым узактарга алыстаба,
Сен менден кетенчиктеп арыштаба.
Кусалыктан жетимсиреп калаарым чын,
Жылдыргым келбей турат карышка да.

Күндөр өтөт, ай жылдарга алмашып,
Токтотууга чамам жетпейт кармашып.
Бара жатам даңгыр жолдо бет алып,
Каршы алууга көздөгөнүм багынтып.

Токтолдумбу, шашылбаймын көңүлүм ток,
Жетиштүүдөй, чарпылбаймын санаам да жок.
Тарта турсам оозуругун учурумдун,
Тулпарымды тээ кырдан ашыргым жок.

## ЖАН ДҮЙНӨМ ЭРГҮҮЛӨРСҮЗ ЖАБЫРЛАНАТ

Эргүү келсе койбойт тура ой-боюңа,
Бул бир талант жүрөк толкуп, бир сонунда.
Жашың кетип алтымыштан өтсө дагы,
Аруу сезим ыр жаздырып койгонунда.

Бул дүйнөдө жашайсың түбөлүк жаш,
Карылыкты түртүп салып, «жолумдан кач».
Ааламымды таштагым келбей турат,
Сүйүлгүм келет дайым серпилип каш.

Күүлөр коштоп, музасы арбап алат,
Көңүлүмө көндүм болуп байырланат.
Оолактасам бир саамга чыдай албай,
Жан дүйнөм азап чегип жабырланат.

## АРЗУУЛАРЫМ АЯГЫН

*(Буйрутма менен)*

Ак сүйүүдөн кече албай,
Кыйын болду жалгыз мага.
Бек кучактап кысып турдум,
Ийиниңе боюм таштай.
Биз коштошкон сейил багы,
Жүрөгүмдүн кетпес тагы.

Ажырадым аргасыздан
Баягыдай күтпөйм сени,
Салкындады ортобузда,
Сүйүүбүздүн ысык деми.
Тагдырымдын барбы кеги,
Мен өзүңсүз кантем деги.

Асмандагы жылдызыбыз,
Энчиркеген кантет эми.
Күтө берем сылай жүргөн,
Эркелеткен салкын желди.
Аягының арзуу бизди,
Жүрөктөрдү бириктирчи.

## ТУУЛГАН КҮН

Бул чоң  майрам, өздүгүңдү белгилөө,
Куттук айтып, бир тууганың, үй-бүлөө.
Тартуу болгон ар бир белек чоң, кичик,
Жылуулукту ыроологон көңүлгө.

Боло берсин жылда кылым кайталап,
Ыр ырдалып, жылуу сөздөр арналат.
Мындан артык бакыт жогун билели,
Небереден сөз айтылса бизге арнап.

Каалап кетем узун өмүр, чоң бакыт,
Болгон болсун өйдө - ылдыйдан  баш сакыт.
Насип этсин ак эмгектен  тапкандар,
Ак тойлордо дос, туугандар  даам татып.

Сунуп турам кооз, чоң ыр букет,
Каалаганым  чын көңүлдөн ак тилек.
Жүзүңөрдөн жылмаюулар кетпесин,
Жакындарым түбөлүктүү чоң тирек.

## БЕРЕКЕ ЭЭСИ ДЫЙКАНДАР

Дыйкандардын түшүмүндө молчулук,
Болгон болсо элибизде токчулук.
Эрте жаздан кызуу эмгекти башташкан,
Күжүрмөндөр жергебизде көпчүлүк.

Базарларга мөмө - жемиш жайнаган,
Аба - ырайы шартташышкан кайнаган.
Эгин - тегин сепсе экинчи түшүмү,
Ага чейин алгачкысын жыйнаган.

Маңдай терин төксө жалпы эл үчүн,
Жумшап келет жапа тырмак бар күчүн.
Бар болгула берекенин ээлери,
Силер барда өлкөбүздө ток түзүм.

## ЭГИН ТАЛАА

Эгин талаа, мелмилдеген айдоо жер,
Таза аба, көңүл сергийт ачып чер.
Үрөн сепкен дыйкан бабам аруулап,
Иш башы деп божурады келме кеп:

«Түшүм башын учуп жүргөн куштарга,
Жерде жүргөн кумурскага, курттарга.
Күздө дандын берекесин мол берсе,
Андан арткан түшүм толсун кырманга».

Керемет кооз ар бир мезгил учуру,
Жаз жарышта берекенин тутуму.
Күндүк мээнет бир жылдыкка ырыскы,
Жер энебиз аябаган тартууну.

Жумшак шамал беттен сылап эркелеп,
Ээликкенден чачым учуп серпилет.
Ээ жаа бербей удургуган ойлорду,
Курбулардай жел жөнөдү жетелеп.

# КӨКТӨН ТҮШКӨН КӨЛДӨГҮ ЖОЛ

Бул ажайып жаратылыш чөлкөмү,
Чагылышып көлдө асман көктөмү.
Булуттардан кийген бархат көйнөгүн,
Жарашыгын суу үстүнөн көргөнүн.

Уясына карай күн да жол алды,
Адатындай жүзүн сүртүп каранды.
Айланага чачып коюу нурларын,
Жумшак гана булут менен таранды.

Күн жашырып, күүгүм тартып пардасын,
Жылдыз жайнайт, бузбай түнкү кайдасын.
Көлгө түшүп айдын салган жол менен,
Айдагы кыз аппак жүзүн сылансын.

## БИРДЕЙ ЖОЛДОР

Жолдор чыйыр, окшош өмүр жолундай,
Тегиз эмес, биле албайсың соңун ай...
Ой - чуңкур бар, дөңсөөлөрү кыйындык,
Жаратса да бет аласың жол улай.

Кээде аптап, ысык кумдуу чөлү бар,
Кээде суулуу, тереңдеген көлү бар.
Кырлары бар аска -зоолуу бийиктен,
Көк майсаңдуу жашыл килем төшү бар.

Көз ачырбай бороон улуп учурган,
Жарандар бар иттер сымал кутурган.
Татаалдыкты кайрат менен жеңесиң,
Кажыбасаң чыккандарын утурдан.

Ысык-суугун тартуу үчүн көрсөткөн,
Кээде какшып, кээде бүрдөп гүлдөткөн.
Жараткандын мыйзамына баш ийүү,
Тагдыр жолу ашык сымал өкчөткөн.

# МАЗМУНУ

**ЖАШОО АГЫМДАРЫ** ........ 3
САЯПКЕР БОЛГОН ЧОҢ ЭНЕМ ........ 4
АРДАКТУУ АБЖЕМ АБИЙБА ........ 6
КАРА-КУЛЖАМ ........ 9
АТАЛАРДЫН БАТАСЫ ........ 10
АЛЫМБЕК ДАТКА ТУУРАЛУУ ........ 12
АСМАН ЖЕРДИН АРАЛЫГЫ БИР КАДАМ ........ 14
БОЗ ҮЙДҮН КАСИЕТИ ........ 15
КАЙРАН ЖЕР ........ 18
БАЛАЛЫКТЫН БАКЫТЫ АТА-ЭНЕМДЕН ........ 19
ЖАЗАЛБАЙМЫН АЯГЫНДА БИР СЫРДЫ ........ 20
КЫРГЫЗ ДӨӨЛӨТҮ ........ 22
АЧЫЛЫШТАР МҮМКҮН БИЗГЕ РУХТАРДАН АЧЫНЫШ ........ 23
ЧОҢ АТАЛАР СҮРӨТҮНӨ ЧОҢ СҮРТҮМ ........ 24
ДАҢАЗАЛАЙМ ЖЕРГЕМДИ ........ 26
ӨКТӨМ КЕЛЕТ КАРА-КУЛЖА КЫЗДАРЫ ........ 27
ЫРК ........ 28
МЕНИКИ ........ 29
ОҢОЛУУНУН ОҢОЙ ЖОЛУ ........ 30
БАРА ЖАТАТ БИР КЫРГЫЗ ........ 31
КИТЕП ........ 32
АКЫЛ ОЙ КОСМОСУН БАГЫНТКАН ЧЫҢГЫЗ ........ 33
СЫЙМЫКТАНАМ ........ 35
ТАТААЛ КЫРГЫЗ ӨТМҮШҮ ........ 37
КАМЧЫГА САП ЖИГИТ ........ 38
МЫРЗА ........ 39
ТӨРӨДӨЙ КЫЗ ........ 40
АЙТЫЛГАН СӨЗ АТЫЛГАН ОК ........ 41
КАРА-КУЛЖА ЭЛИМ ТЕКТҮҮ ӨЗГӨЧӨ ........ 43
АТУУЛУ БОЛ АЛАЙДЫН ........ 44
НАПСИ ........ 45
МЕНИКИ ........ 46
ҮСТӨМДҮК ........ 47
ПЕНДЕЧИЛИК ........ 48
НААЛЫБА ........ 50
ЖАКШЫ ДЕГЕН ЖАКШЫ ........ 51

НААРАЗЫЛЫК ........................................ 53
ӨЗГӨРҮЛӨТ ........................................ 54
ӨМҮР КЫМБАТ ........................................ 55
ЧАБАЛДАНТТЫ ЧЕТ ЭЛ ТАМАК-АШТАРЫ ........................................ 56
ӨЗҮН ИЗДӨӨ БИЙИК КАДАМ ........................................ 58
ТҮПТҮҮДӨНБҮЗ ЭЭРЧИБЕГЕН КҮНДӨРДҮ ........................................ 59
САГЫНДЫМ КҮЗДҮ АНДАГЫ ........................................ 60
БИРИМДИКТҮҮ КЕЛЕЧЕКТИ КУРАЛЫ ........................................ 61
КЫРГЫЗДЫН КЫЗЫ СЫЙМЫКТУУ ........................................ 62
ӨМҮР БЕРИП АДАМ КЫЛЫМ ЖАШАСА ДА ........................................ 63
АК МӨҢГҮНҮ КАРМАНАЙЛЫ МУРАСТАЙ ........................................ 64
ДЫБЫР-ДЫБЫР ........................................ 65
БАРДЫГЫ ЖАМГЫР МЕНЕН БАЙЛАНЫШКАН ........................................ 66
ӨТӨ БЕРЕТ ЫРГАГЫНДА ........................................ 67
ӨНҮГҮҮГӨ ӨНӨКТӨШКӨН АЙЫМДАР ........................................ 69
МЕКЕН ТИРЕГИ ........................................ 70
ЖАРАТКАНДЫН МЕРЧЕМИ ........................................ 71
ААЛАМ СЫЙГАН АЙЫМДАР ........................................ 72
ЫР КЕРБЕН ........................................ 73
ЫСЫК КӨЛДӨ ФЕСТИВАЛЬ ........................................ 74
АКЫН БОЛОТ ........................................ 75
АЯЛ КҮЧТҮҮ ........................................ 76
КАСИЕТТҮҮ ЫСЫК-КӨЛҮМ ........................................ 77
АСМАН КӨЛДҮ КЫЗГАНЫП ........................................ 78
КҮҮСҮ СЫРДУУ ЫСЫК-КӨЛ ........................................ 79
ЖАНЫП ТУРАТ БИР ЖЫЛДЫЗ ........................................ 80

**АРНОО ЫРЛАР ........................................ 81**
АТА УУЛ ........................................ 82
АРДАКТУУ МЕДАЙЫМ ........................................ 83
ТЫҢ ЖИГИТ ........................................ 84
БЕРЕКЕЛҮҮ АЙЫМ ........................................ 85
КҮЙҮМДҮҮ АТА ........................................ 86
КЕСИПКӨЙ ҮЙ-БҮЛӨ ........................................ 87
ӨЗГӨЧӨ КЫЗ ........................................ 88
ӨЖӨР КЫЗ ........................................ 89
ФЕРМЕР КЫЗ ........................................ 90
БААТЫР ЭНЕ ........................................ 91
ЖЕКЕ ИШКЕР ........................................ 92
САЛТТУУ АЙЫМ ........................................ 93

ТЫКАН КЫЗ ........ 95
АКЫН КЫЗ ........ 96
ТӨГӨРӨГҮ ТӨП КЫЗ ........ 97
БААРЫБЫЗГА ҮЛГҮ КЫЗ ........ 99
КАДЫР ТАПКАН КАЛКЫНАН ........ 100
ЭЖЕКЕМДИН КЛАССТАШ КУРБУЛАРЫ ........ 101

**ТУРМУШ ЫРГАКТАРЫ ........ 102**
КУРАГЫБЫЗ КУБАЛАП ........ 103
БААРЫНАН ДА БИЙИК АДАМ ӨМҮРҮ ........ 104
БАГЫТ БЕРГЕН БАГЫТ АГАЙ ........ 105
ИРГЕЛГЕН МАМИЛЕ ........ 106
ЫРААЗЫМЫН ........ 107
АЛСЫЗБЫЗ ........ 108
ТАЛАНТТУУ ЭЖЕКЕМЕ КУТТУК АЙТУУ ........ 109
ТҮЗӨП АЛУУ АРАКЕТТЕН ........ 110
БЕШЕНЕГЕ ЖАЗЫЛГАН ........ 111
ТАЗА БОЛСУН ТЕГИБИЗ8 ........ 112
БААТЫРЛАРГА ТААЗИМ ........ 113
ЖАҢЫ СООГА МЕКЕН ҮЧҮН ЖООКЕРДИН ........ 115
СҮРӨТЧҮЛӨР ЖАНДУУ ТАРТСЫН СҮРӨТҮН ........ 116
МЕЗГИЛ САГА СУКТАНАМ ........ 118
КЕЧИР МЕНИ ЖАН ДҮЙНӨМ ........ 119
ЖАНЫП ТУРАТ БИР ЖЫЛДЫЗ ........ 120
АЯГЫНДА БИР СЫРДЫ ........ 121
КЕЧ КЕЛГЕН ДҮЙНӨМ ........ 123
ЧЫК-ЧЫК, ЧЫК-ЧЫК ........ 124
КЫРГЫЗ ОРДУ ЧОҢ ӨТҮМҮШ ........ 125
БАЛАЛЫГЫМ ЖАШЫРЫНГАН АЙЫЛЫМ ........ 126
КӨҢҮЛ УЛОО ........ 128
КЕНДИРДИ КЕСКЕН ТОЙЛОР ........ 130
ЖЫҢАЛАЙЛАК ЧУРКАМАКМЫН АЯЗДА ........ 132
КЫЯЛ КЕНИ ТҮГӨНБӨГӨН БИР КЫЗ БАР ........ 133
ААЛАМДЫ КАРМАГАН СҮЙҮҮ ........ 134
АЗИЕКТЕЛГЕН АРЗУУ ........ 136
АКЫН АГАМА ........ 137
ОЙ ЧАБЫТТАЙТ МИҢ ТҮРЛҮҮ ........ 138
ЖӨНӨКӨЙ КЫЗМЫН КЫРГЫЗДЫН ........ 140
АКЫНДАРДЫН ДҮЙНӨСҮ ........ 141
БИЛЕ ЖҮР ........ 142
ЧОҢ КУТУ БАР КИЧИНЕКЕЙ ҮЙҮМДҮН ........ 143

АТА-ЭНЕҢЕ РАХМАТ ........ 144
КАНАТ БҮТКӨН АКЫНГА ........ 145
МУҢКАНБАГЫН АКЫН КЫЗ ........ 146
БАРЫН БАРКТА ........ 147
СЫРДУУ КУМУРА ........ 148
МАГА КЕРЕК ........ 149
БИР ........ 150
МИГРАНТТАР ЖҮРҮШҮ ........ 151
БАРКЫН БИЙИК КӨТӨРӨЛҮ ЖАШТАРДЫН ........ 152
БААЛАЙЛЫ ........ 153
БИЗДЕ КҮНӨӨ ЧАБАЛ БОЛСО УРПАКТАР ........ 154
ТЕРЕК ТИЛЕГИ ........ 156
ООЗУРУГУН ТАРТАЙЫН УЧУРУМДУН ........ 157
ЖАН ДҮЙНӨМ ЭРГҮҮЛӨРСҮЗ ЖАБЫРЛАНАТ ........ 158
АРЗУУЛАРЫМ АЯГЫН ........ 159
ТУУЛГАН КҮН ........ 160
БЕРЕКЕ ЭЭСИ ДЫЙКАНДАР ........ 161
ЭГИН ТАЛАА ........ 162
КӨКТӨН ТҮШКӨН КӨЛДӨГҮ ЖОЛ ........ 163
БИРДЕЙ ЖОЛДОР ........ 164

**Бактыгүл Машаева**

**КИТЕПТИН АТЫ**

*Ырлар*

*Редактору* С. Насырова
*Корректору* Б. Маткасымова
*Компьютерде калыптоочу* М. Кадыров

Кагаздын форматы 60х84 $^1/_{16}$.
Офсет кагазы. Көлөмү 7,5 басма табак.
Нускасы 500 даана.

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек ш., Үсөнбева к., 149.



**Машаева Бактыгүл Турдуматовна** – 1968-жылы 4-декарбда Ош облустунун Кара-Кулжа районунун Сары-Камыш айылында төрөлгөн.

1 уул 2 кыздын, 4 неберенин энеси.

Билими экономист, мугалим.

"Улууларым улугум", бөбөктөр үчүн "Сыйкыр экен таягы" аттуу ырлар жыйнагынын автору.

Бир нече альманах ырлар жыйнактарына, газета, журналдарга ырлары жарык көргөн.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия тарабынан

Кыргыз республикасынын "Мамлекеттик тилге кошкон зор салымы учүн" Ардак грамотасы менен сыйланган.

Казак адабият сүйүүчүлөр тарабынан уюшулган "Дүнүйө таланттары Одагы"аттуу альманах китебине ырлары жарык көргөн жана адабий бирикменин активдүү мүчөсү.

"Үш коңыр" газетасына ырлар топтому жарык көргөн.

"Үздүк талант" төш белгисинин ээси.

Кайрыктар казынасынан "Мыкты калемгер" төш белгисине , Ыр кербен теле толбоорунун "Мыкты калемгер", «Мыкты жетекчи" төш белгисине татыктуу болгон. Бир нече ыраазычылык кат, грамоталардын ээси.

Учурда Ош кайрыктары адабий бирикменин жетекчиси.